
# Келгиле, бирге күлөлү



Жыйнап, басмага даярдаган:

Т. Исмаилов

# Келгиле, бирге күлөлү



Жыйнап, басмага даярдаган:
Т. Исмаилов

# Деген экен...

Бир спектакльдин премьерасынан чыккандан соң.

- Сизге жактыбы? – деп сурап калышты.

- Төртүнчү көшөгөсү өтө жакты.

- Ие, жарыктык, спектакль өзү үч эле көшөгө да.

- А банкетичи, - деген экен Абдуталип.

* * *

Скульптор жылаңач кыздын тулкусун жасап, уят жерине боло жүргөндөй анжирдин жалбырагын жабыштырып жатса, тааныш аны көрүп айтат:

- Аялдын ал жерине жалбырак чыкканын качан көрдүң эле? Эмне чындыкты бурмалайсың? Дагы реалистмин деп коёсуң.

* * *

Суу боюнда кайырмак салып отурган Куучуктан бир адам сурайт:

- Эртеден бери канча балык кармадың?

- Суунун ичиндегисин алсам, бирөө болот, - дептир.

* * *

Мал догдуру Чонтойду мыскылдап:

- Адам көрсө дыр коюп, малың жапайы болуп калган го? – деди.

Чонтой жылмая башын кашып:

- Дарылоо деген оозуңа келбей, сой деп бычагыңы кайрап турсаң, сенден мал эмес, мен да качамын – деди.

Мал догдур сөзгө жыгылып нары басты.

* * *

Апендини алдап-соолап жатып, өңү серт, мурду бучук, көзү чалыр кызга үйлөп коюшат. Адеп жолугушкан түнү келинчеги апендиден сурайт дейт.

- Туугандарың эң эле көп экен, кимисинен качып, кимисине көрүнө берейин, - дейт.

- Баарына эле көрүнө бер Перизат, менден качсаң эле болду, - дептир Апенди.

* * *

Жаш тергөөчү атасына айтыптыр:

- Сиз үч жылдан бери таппаган кылмыштын бетин мен аз эле убакыттын ичинде ачып салдым.

- Анда анык ырыскыйды экенсиң.

* * *

Көзүн жаштаган аял милийсага келет:

- Күйөөмдү таап бергиле, ансыз жашай албайм, ал жоголуп кетти.

- Качан?

- Бир жума мурда.

- А эмне үчүн азыр келип айтып отурасыз?

- Бүгүн айлыгын алмак.

* * *

Күйөөсү узак командировкада жүрүп аялына кат жазат:

- Кымбаттуум, сенден артык аял жок экен! Кечээ күнү буга дагы бир мертебе ынандым.

* * *

Аңчылар түлкүнүн куу экенин сөөз кылып отурушат. Алардын бирөө минтет:

- Андан куу, амалкөй жаныбар жок го, өгүнү мен артынан түштүм. Изин кууп жүрүп отурдум. Анан акыры атып алдым, карасам ит болуп чыкты.

* * *

Бирөө таң атканча кумар ойноп, эртең менен үйүнө келип аялына мактанат дейт:

- Баягы сен тиктирип берген 200 сомдук көк костюмду 600 сом деп уттурдум.

* * *

Эки ууру жолугуп калат. Бирөөсү карт ууру, экинчиси жаш ууру. Карт ууру айтат:

- Мага теңелгиң келсе, тээ тиги теректин башына чыгып барып, уядагы чымчыкка билгизбей алты жумурткасын алып түшөсүң.

Жаш ууру терекке элпек чыгып барып, жумуртканы эми алаарда чымчык чырылдап билип калат.

- Үйрөнүп ал балакай! – дейт да кийимин бүт чечип, терекке жыландай соймоңдоп чыгат. Алты жумуртканы шырп алдырбай илип түшсө, ылдый жактагы жаш ууру да, чечип койгон кийими да жок экен.

* * *

Күйөөсү командировкага кетип, кайтаар маалда үйүнө телеграмма жөнөтөт:

- Кымбаттуум, мен кечке маал үйгө барып калам, күтүп ал.

Кечинде чарчап чаалыгып үйүнө келсе, аялы "бирөө" менен экен дейт, ачуусу келип, экөөнү тең тепөштөп салат. Досуна келип кайгы-капасын бөлүшсө, анысы мынтип айтат:

- Күнөөнүн баары почточуда, ошону сабасаң болмок, телеграмманы убагында жеткирген эмес турбайбы.

* * *

Кафеде отурган кыргыз колун көтөрө коюп:

- Бери кел, - деп офиңиантты чакырат.

Официант:

- Эмне болду аксакал?

- Мынабу шорподон ооз тийип көрчү?

- - Байке, сиз дайым эле ичип жүрчү сорпо да.

- Ооз тийип көрсөң эми!

- Болуптур байке, кашыгыңыз кана?

- Мен да ошону билгим келип жатат.

* * *

Студенттер майрамдашып, дискотекага барышат. Бийлеп жаткандардын арасынан керели кечке ачка жүргөн бир кыз кулап түшөт.

Кыздын досу:

- Суу, суу, суу алып келгиле, - деп кыйкырат. Эси ооп жерде жаткан кыз араң башын көтөрүп:

- Нан дагы, - дептир.

* * *

Аялы күйөөсүнө:

- Мага 50 сом берчи, тишимди жулдуруп келейин десе, күйөөсү 100 сом берет.

Анда аялы:

- Мага 50 сом эле керек – десе, күйөөсү камырабай:

- Ме, 100 сомду ал дагы тилиңди кошуп жулдура кел – дептир.

* * *

Короосундагы кою ылаңдап калганын көргөн Ташмат ветврачка кайрылды:

- Айланайын балам, бир коюм өлгөнү жатат, көрүп берчи.

- Ээ жарыктык көргөндө эмне. Союңуз да казанга салып кайнатып жеп коюңуз.

Анда Ташмат:

- Апбали, азамат. Беш жыл окуп, "союп же" дегенди үйрөнсөң, мен аны окубай эле билем – дептир.

* * *

Министрдин кабылдамасында эл көп экен. Мага кезек келгиче кетип калабы деп чый-пыйы чыккан бирөө:

- Министрде ким бар? – деп сурайт.

- Үстүндө аял бар – деп коет кабылдамада олтурган кыз.

- Үстүндө аял болсо, бүгүн бошобойт тура деп коет күтүп жаткандардын бирөөсү.

* * *

Лектор өзүнүн баяндамасын бүтүп, залга кайрылат:

- Кимде кандай суроо бар?

- Сиздин алдыңыздагы стакан бошодубу?

* * *

Ичип алган кызуу автоинспектор бир машинаны токтотуп көзүнө үчөө болуп көрүнгөн айдоочуга:

- Силер эмне бир машинаны үчөө болуп айдайсыңар – деп опурулса, шофёр дагы мас экен дейт:

- Эмне бир машинаны үч автоинспектор токтотобу - дептир.

* * *

Милиция бөлүмүнө телефон шыңгырайт:

- Машинамды тоноп кетишти, руль, спидометр, ал турган педальдардын баарын уурдап кетишиптир.

- Макул, дежур милицияларды жиберебиз.

Көп өтпөй ал кайра чалат:

- Милицияны жөнөтпөй эле койгула, мен жаңылып арткы орундукка отуруп алыпмын.

* * *

Пивоканага бирөө шашып кирет.

- Мени без очередь коё берип койгулачы?

- Эмне үчүн?

- Тиякта иш күйүп атат.

- Биздики деле күйүп атат.

- Меники сөздүн түз маанисинде күйүп атат, мен өрт өчүргүчмүн!

* * *

Пенсионер биринчи жолу аялы менен театрга барат. Биринчи бөлүк бүткөндө табарсыгы кыстап, ажаткана издеп жөнөйт. Адашып кетип, жасалма гүлдөрдүн ортосундагы эстеликтердин жанына жетип, ушатып жиберет кайра келип аялынан сурайт:

- Экинчи бөлүк качан башталды?

- Сен көлдөтүп кеткен жерден башталды.

* * *

Таштан менен аялы зер буюмдар сатылчу дүкөндүн жанынан өтүп баратышат. Бир убакта аялы:

- Таштан, мен үч жылдан бери бир эле сөйкөнү тагынып жүрөм. Сен буга уялбайсыңбы?

- Жаным, сага кийип жүргөн байпагымды көрсөтөйүнбү?

* * *

Акерде жүргөн жигит үйдөгү аялына кат жазып жатат:

- Мага бир аз акча керек. Тамекиге жана башкага. Үч миң сом болсо жетет.

Аялынын жообу:

Бул үч жүз сом тамекиңе жетет. Калганы үйдө күтүп жатат. Бекер!

* * *

Аялы күйөөсүнө:

- Негедир акыркы күндөрү жолдуу болуп жатам. Сыртка чыксам сонун туфли туруптур. Менин өлчөмүм экен дароо кийип алдым.

- Чын эле жолуң болуптур. Азаматсың.

- Бул эле эмес. Кечээ подъезден шуба таап алдым. Ал дагы менин өлчөмүмдө экен.

- Сеники жолуң болгону менен меники болбой жатпайбы жаным. Кечээ жаздыктын алдынан ич кийим таап алдым эле, чак келбей калды кашайгыр...

* * *

Аялы күйөөсүнө:

- Тиги катчы кызыңы экинчи көрбөйүн, бир жака кетирип жибер!

- Макул, сенин бир сөзүң! Өзүм кетирем аны.

- Каякка?

- Декретке!

* * *

Бир студент өзүн окуткан профессорго эртең менен дайыма "көңүлдүү кечиңиз менен!" – деп саламдашып жүрдү.

Бир күнү профессор андан эмне үчүн мындай таң калаарлык саламдашкандыгы жөнүндө сурады эле.

Ал:

- Профессор сизди көргөнүмдө эле көздөрүм караңгылашып кетет – деп жооп берди.

* * *

Автобуста кемпир отурат, анын жанында кабагы салыңкы, өтө арыктаган студент турат.

- Айланайын, мынчалык арыксың? Кемпир аны аягандай тиктеди.

- Тапшырманы көп беришет.

- Жалаң “бешке” окуйт окшойсуң?

- Жок.

Кемпир студенттин колундагы плашка бир карап алып сүйлөдү:

- Ке, айланайын, плащыңды алып калайын, сага оор болуп жатат.

- Чоң эне, бул плащ эмес. Бул Арыкбай деген студент, “бешке” окуган чыныгы студент ушу.

* * *

Таштан көл жээгинде күнгө кактанып жатат. Уяттуу жерин кепкасы менен жаап алган. Бир убакта жанынан өтүп бараткан айым аны байкап:

- Чыныгы эркек айымды көргөндө баш кийимин чечип көтөрөт – деп сүйлөйт.

Айымдын сөзүн уккан Ташмат жөн калбай:

- Эгер сиз ойдогудай айым болсоңуз, анда кепкам өзү эле көтөрүлмөк, - дептир.

* * *

Куудулдардын бири айылдан келип, мейманканада кыздар менен эс алып калат. Өмүрү мындай нерсени көрбөгөн куудулга кыздардын бири: Я верхом ездить хочу – дейт.

Куудул муну “мунун ат мингиси келип жаткан турбайбы” – деп түшүнүп алат да:

- Тиги ипподромдо тааныштарым бар. Ырас эле алар менен жолукмак элем. Эртең ошол жакка баралы, алар сага ат мингенди үйрөтүшөт – десе, тиги кыз:

- Дурчок, давай ложись – деп тиги жигитин эсин оодарыптыр.

* * *

Белгилүү бир куудул эротикалык кино көрүп жатып, жанындагысына айтат:

- Кээде отуруп Кудайга да наараазы болуп кетесиң.

- Ой эмнеге?

- Тиги негрдин аспабынын чоңдугун карачы! Кудай ушул кичинекей нерсени бардыгына эле тең кылып койбойбу дейм да.

- Койчу эй, ушул кичинекей нерсебиздин эле проблемасы канча болуп жатат. Чоңдун чоңдой балээси бар.

* * *

Эки дос тойдун эртеси жолугушат.

- Кечээ көп ичип койдум эле. Башым айланып жүрүп үйдү кантип таап барганыма таң таң калып отурам.

- Ие, менин бутум башыма караганда акылдуу.

* * *

Эки айым кичинекей наристелери тууралуу сөз кылып отурушат:

- Менин балам түнкүсүн кыйнабай уктайт. Себеби ыйлай баштаганда эле бешик ырын ырдайм.

- Мен да башында бешик ырын ырдачумун. Азыр баламы соортпойм. Анткени күйөөм мени:

- Сен ырдабай эле койчу, андан көрө бала ыйлай берсин – дейт.

* * *

Эки студент тамеки чегип отурат.

Бири экинчисине:

- Шишкебектин жыты келип жатат.

- Тамекиңе жабышкан чымынды алып ташта.

* * *

Эки курбу кыздын маеги:

- Билесиңби мен беш килограммга арыктадым.

- Сен таразага таразага беёнуп алып түштүң беле, же боёно электеби?

* * *

Үч-төрт кыргыз нанүштөдө жаратылыштын кооздугуна суктанып отурушат.

Бири: "ушундай керемет жер экен" – десе, экинчиси; "Мунун баарын эринбей ким отургузду" – дейт айланасындагы ак кайыңдарга суктана. Анда дагы бири:

- Ээ-иий киргиз, муну Кудай Таала отургузган. Ал экөөбүздөй эринбейт деген экен.

* * *

Кымыздан тамшана ичкен "киргиз":

- Муну дайыма сабоо менен жасайсыңарбы? – дейт кожоюнга.

- Жок, сабоо менен жүндү, анан сага окшогон киргиздерди сабайбыз. Ал эми кыргыздын улуттук суусундугу болгон кымызды сабаада жасайбыз - дептир.

* * *

Маймылдын баласы апасынан "эмнеге бизди элдин баары ырайы суу, кебетесин карасаң дей беришет" – десе: "Эч нерсе эмес балам. Сен андайлардын айтканына терикпей эле кой. Алардын тукуму бизден уланып жаткна соң, бизден да түрү суук ошолор" – деген экен.

* * *

Садыкбай эч жерде иштебей, күнүгөичип келип, үй-бүлөсүнүн тынчын алат.

Абдан тажаган аялы Садыкбайды үйдөн кууп чыгат, каңгырап көчөдө калган Садыкбайды көргөн Ташмат:

- Эй, Садыкбай, сен үй-бүлөлүк штат кыскартууга туш келген турбайсыңбы? – деп уят кылыптыр.

* * *

Коңшусу Дөөлөт аялы менен чатакташып, ажырашканы жатат деген сөздү угуп Акмат басып келип:

-Эй Дөлөт, кыяматтык коңшубуз, "жакшы мал жатка кетпесин". Кокус ажырашсаң аялыңды маг абер – дептир.

Оозунан сөзү түшкөн Дөөлөт ачуусуна туталанып, уялганынан жооп кайтара албай ол шилтеп басып кетиптир.

* * *

Дарыгер:

- Күйөөңүзгө бир аз тынч чөйрө керек. Мынабул тынчтандыруучу дары.

- Качан ичиришим керек муну?

- Жок, сизката түшүндүңүз. Бул дарыны сиз ичишиңиз керек.

* * *

Жумуштан келген күйөөсүнө аялы айтып жатат:

- Жаным, биз жакында үчөө болуп жашай баштайбыз.

Күйөөсү сүйүнүп:

- Кандай гана бактылуумун. Мен бул күндү качантан бери күтүп жүрөм. Рахмат, сага жалгызым дептир.

- Апамды мынча жакшы көрөөрүңдү билбейт элем – дейт экен аялы.

* * *

Бир күнү апенди эшгин минип алып, мергенчиликке чыгат. Жүрүп отуруп бир кырды ашса, ары жакта бир бай чоң той берип жаткан экен. Апенди эшегин көп эшектердин арасына байлап, тойго кирип кетет. Кечкурун кымыз менен шарапка алагүү болгон апенди эшектердин арасына келип, өз эшегин таппай айласы кетет.

Ошондо апенди кырга чыгып:

- Ой, эл-журт, эшегиңерди алгыла! Мен өз эшегимди атам, силердикине тийип кетпесин! – деп үнүнүн баарынча кыйкырат. Муну уккан элдин баары коркуп, өз эшектерин алып кетишет. Ошондо мамыда жалгыз апендинин эшеги калган экен.

* * *

Эрди-катынга салынган кишен тууралуу оюхуз кандай – деп акылмандан сурашат.

- Ал кишен оңбогондой оор – дейт акылман.

- Аны экөөлөп, кээде үчөөлөп көтөрүүгө туура келет.

* * *

“Гаишник” көчөдөн бир машинаны токтотту.

- Жолдош айдоочу, сиз массыз?

- Жо-о-ок, мен таптакыр ичпейм.
- Кана үйлөп көрчү.

Айдоочу түтүкчөнү йүлөсө, ал эч нерсе көрсөтпөйт.
- Эмне мунум бузулуп калганбы?

Сарсанаа бөло түшкөн "гаишник" өзү түтүкчөнү үйлөдү:
- Бузулуп, музулмайы жок эле жакшына иштеп жатат – дептир.

* * *

Аягы суюк кыз курсант менен төшөктө жатат.
- Кудай урсун, мен бир гана сени сүйөм.
- Сага ишенем, жаным.
- Таң калыштуу, менин айтканыма ишенген биринчи эркекти көрүшүм.

* * *

Достор чогулуп палоо жасап, алдыларына палоо келгенде жарык өчүп калат. Достор жарык жангыча колдорун чаап трушмак болушат. Анда бирөөсү бир колу менен пешенесин чаап, отуруп, палоону уруп коёт.

Аны билип калышса:
- Эми достор пешенеге жазган экен жеп койдум деген экен.

* * *

Бир жыйында Арал көлү жөнүндө сөүйлөп жаткан кишилер бир неге графин сууну ичип жиберишти. Алардын сөзүн угуп отурган кишинин кулагына минтип шыбырады:
- Ай, ай, булардын ичкен сууларын Аралга агызганда, деңиз алда канча толор эле.

* * *

Бир адам ресторанга келет.
- Мага тогуз рюмка коньяг бериниз. Эми болсо биринчи менен тогузунчуну алып кетин.
- Эмне үчүн? официант таң калат.
- Биринчиси араң өтөт, акыркысы мени тинул кылыт .

* * *

Бир адам үйүнө мас келет. Аны көргөн аялы:

- Дагы массыү го!-деп ачууланат.
- Жаным сен билсен.
- Мен болгону эки кружка пиво... ишенбесен жуткадан сура.

Аялы итке кайрылат:
- Жутка Вовка канча пиво ичти
- Гав, гав
- Аракчы?
- А-у-у-у-у...

* * *

Кыргыз, Орус, Корей айга учуп барышат. Үчөөнү айдагылар жакшы тосуп алышып, келген максаттарын сурашат.

Орус айтат:
- Жер кыртышын, абасын изилдегени келдим- дейт.

Корей айтат:
- Топурак жакшы болсо, дыйканчылык кылсам-дейт.

Кыргыз айтат:
- Жөн эле келдим-дейт.

* * *

Бир кыргыз немис аял алып, бирок көп өтпөй ажырашуу үчүн сотко кайрылышат.

- Күнөөнүн баары мунун кенебестигинде -дейт немис аял-үйлөнгөнүбүздөн бери дегеле кечикпей жүргөн учуру жок. Жумушка барса дагы, кечигет, келсе да кечигет, конокко барса да кечигет, келсе да кечигет...

- Ооба, мунун айтканы ырас-дейт кыргыз башын көтөрбөй.- Бирок тарыхка көз таштап көрөлүчү. Кечээги улуу согушта дал ошол кенебестигибиз менен немистердин сазайын бердик беле.

Сот кыргыз экен. Кенебестик - бул кемчилик эмес, элдешип жашай бергиле-деп бүтүм чыгарат.

Сыртка чыккандан кийин немис аял айтат-дейт
- Мындай так сотту өмүрөмдө көргөн эмесмин.Сен экөөбүздү туура бир мүнөттөн сурап, туура бир мүнөттө өкүмүн чыгарды.

* * *

1930-жылдары орус, кыргыз, өзбек байлары кулакка тартылып, бир вагондо чогуу болуп калышат.

- Жаңы коргон салып жаттым эле, ошону бүтүрбөй айдап кетишти, Кудайга таарынычым ушул – дейт өзбек.

- Он торопой багып жаттым эле ошолорду союп жегенге мүмкүндүк беришпеди – дейт орус.

- Менин арманым силердикинен күчтүү жаңы токолдон көз албай жүргүн деп чоң байбичеге эскертпей чыгыпмын.

* * *

Бир дунган баласын соода кыл десе, көөшөрүп болбой коёт. Ачуусу келген атасы:

- Ырыскысын колго карматпайын кыңк деп койбогон кыргыз болуп калбапсың да, кыргыз болуп калбапсың - деп тилдептир.

* * *

Эки дос Бишкек автобекетинен жолугушуп, кыргызстандын өз алдынчалыгын "белгилешет". Ошентип Алматынын автобусуна отуруп кетишет.

Бир топ узагандан кийин бири экинчисинен сурайт дейт:

- Сен кайда барасың?

- Нарынга.

- А сенчи?

- Таласка.

- Анда биринчиси айтат дейт:

- Бул өз алдынча мамлекеттин техникасынан айланса болот. Бир автобус менен сен Нарынга, мен Таласка, ал эми бул жүргүнчүлөр Алматыга баратышат.

* * *

-Дүйнөдө үч акмак, үч акылдуу бар – дейт имиш көлдүк карыя.

- Алар кимдер? – деп сурашат.

- Акмактардын бири геолог. Өзү эчтеке жоготпой туруп эле тоо-ташты шимшилеп, темселеп жүрөт. Экинчиси милийса. Өзү күнөөлүү болуп турса деле күнөөлүү жазыгы жок бир бечарага оодара салат. Үчүнчүсү шопур. Кечке машина айдап, кечинде үйгө жөө келет.

- А акылдуулар кимдер аксакал? – деп сурашат.

- Биринчиси журналист. Өзү 60 тыйындык гезит чыгарып, 600 сомдук айлык алат. Экинчиси – артист кечке үйдө жатып, кечинде

жумушун ары-бери бүткөрөт. Үчүнчүсү – президент. Башканын акылын өз акылы кылат да, кемчиликтерин эч качан мойнуна албайт.

* * *

Апендинин колуна аялы акча жана бир кесе берип:

- Дүкөндөн суу май алып кел – деп жумшайт. Апенди дүкөнгө келет да, сатуучуга акчасын берип:

- Суу май бериңиз – дейт.

Сатуучу суу майды литрлеп өлчөп, апендинин кесесине куюп берет. Өлчөгөн идиштин түбүндө битике суу май артып калат. Анда сатуучу:

- Ай апенди арткан суу майды эмнеге куюп кетесиң?

Апенди ойлоно калып:

- Бул жагында да орун бар – деп кесенин түбүн сатуучунун алдына тосуп:

- Мына ушуга куюп бересиз дейт.

- Сатуучу мыйыгынан күлүп, арткан майды кесенин түбүнө куюп берет. Апенди лыпылдаган боюнча үйүнө барат. Аялы анын кесени көмкөрөсүнөн кармап алып, түбүнө биртике суу май алып келгенин көрүп:

- Ой, оңбогур Апенди, алып келгениң ушул элеби – дейт. Анда Апенди:

- Жок, бул жагында да бар – деп кесени ала салдырганда биртике май да төгүлүп, же акчадан жок, же майдан жок, кур жалак калган экен.

* * *

Жүр жаным, биздикине, пластинка угабыз – деп жигит сүйгөнүнө сунуш киргизет.

- Мейли барайын бирок, сен музыка гана угабыз деп убада бере аласыңбы?

- Албетте.

- Эгер пластинкадагылар мага жакпасачы?

- Анда шарт турасың да, кийинип үйүңө кете бересиң.

* * *

Эки чөнтөкчү түрмөдө маектешип калат:

- Күзөтчүнүн укмуштуудай сонун саатын байкадыңбы?
- Жок, кана көрсөтчү?

* * *

Ооруканaнын эркектер жаткан бөлүмүндөгү сыркоолуу адам жарым түндө аялдар жаткан бөлүмдүн медсестрасына телефон чалат:

- Карындаш, уйкум качып, алапайымды таппай жатам. Сооп-чулук үчүн билип бериңизчи, балким, аялдар жаткан бөлмөдө да мага окшоп, уйкусу качкан бийкеч табылып жүрбөсүн.

* * *

Силердин мейманканага бир жума жаткандын наркы канча болот?

- Бир аз күтө туруңуз, заматта эсепте коём.
- Кантип сиз ушул жерде иштеп, наркын жатка билбейсиз?
- Жок мырза, сизге окшоп, мында эч ким көп жашаган эмес да.

* * *

Дарыгер сыркоолуу кишиден минтип сурайт:

- Уйкуңуз кандай?
- Начар. Эрте жатам. Эртең менен кеч турам. Анан эле түштөн кийин нары-бери оонап, тынчым кетип, түк уктай албай мазам кетет.

* * *

Башкарма Багышбай Апендиден өтүнөт:

- Үйгө коноктор келип калыптыр, кой союп бересиңбс?
- Аның турган иш. Апенди койду союп, теңин кол кесерге чыгарып алат. Муну көргөн Багышбай Апендинин кол кесерге алгандарын бирден алып сурай баштайт:
- Бул эмне Апенди?
- Ал керчөөсү.
- Булчу?
- Арка моюн аркасы.
- Тигичи?
- Алганынан чалгайы.
- Бул сулп этиң кайсы?

- Анысынан, мунусунан эмеспи аксакал – деп такалбай жооп берип, этти көтөрүп кетиптир.

* * *

Алматыдан окууну жаңы бүтүргөн эки жигит юирөө Фрунзеге, бирөө Ошко иштей башташат. Борбордогу жигит озунуп үйлөнүп, Оштогу досун үйлөнүү тоюна чакырат.Тиги болсо жаш адис катары болгону 125 сом айлык, анын ичинен 113 сомун накта алчу экен. Фрунзеге келип кетишиң эле 30 сом. Беш жыл бирге окугандан кийин жүз сомдук белек алайын дейт. Акчасы жетпейт. Ары ойлоп, бери ойлоп отуруп, бир амал табат. Дүкөндөн бир куурчак күчүк сатып алып, мында сөз жазып, аргындап туруп, белек кылып берген экен.

Келечекте балаң ойноп турса деп,
Чын жүрөктөн калап келген ак тилек.
Тай ордуна тартуу кылам күчүктү,
Аз да болсо көптөй болсун бул белек.

Көп жылдар өтсө да тойго келген бул белек өзгөчө баалуу болуп, эмгиче эстен кете элек.

* * *

Эки чымчык Ат-Башыда жолугушуп калышат. Бири Кыргызстанга, бири Кытайга учуп бараткан болот.

Биздин чымчык айтат:

- Коммунизмди сагындым. Бир-эки күн болсо да курсак тойгузуп алып кайтып келели – дейм.

Кытайлык чымчык айтат:

- А мен демократияны көргүм бар. Силердин кыргызстанда ал укмуштудай гүлдөп жатыптыр го...

Анда биздин чымчык баш чайкап айтат дейт:

- Демократия го жакшы дечи. Бирок ачка немелер кууруп жеп коюшпас бекен!..

* * *

Кир жуучу самын жок болуп кеткен учур экен. Ошондойдо айылдагы дүкөнгө самын клеип калат. Самындан алып келүү үчүн адамдар узун сап кезекке турушат. Дүкөнчү кезекте турган Саматка кыйкырат:

- Жашиктен түшүң! Учуп атасызбы? Самат унчукпай тура берет. Дүкөнчү чуркап келет ачууланып:

- Жашиктен түшүң! Абайлап караса, кыйкырган адамы жашикте жок эле жерде туруптур.

- Кечирип коюң, мен сизди жашикке чыгып алган окшойт – депмин дептир. Көрсө, Саматтын бою 2 метр экен.

* * *

Сиз үйлөнгөндөн ктийин деле өз көйнөгүңүн топчусун өзүң кадап жүрөсүңбү?

- Жо-ок, бул деген аялымдын көйнөгү.

* * *

Күн куйкалап жаткан.

- Күндүн мынча ысыганын өмүрүмдө көргөн эмесмин – деди арабакеч.

- Өмүрүмдө мен да көргөн эмесмин – деди арабаны тартып бараткан ат.

- Эмне дейт, ат да сүйлөйбү шумдугуң кургур!

- Мен да биринчи угушум - деди араба.

* * *

Күбө, сиз өз көзүңүз менен көргөндү гана айтууга тийишсиз?

- Сиздин урматыңызга түшүндүм.

- Демек, сиз качан туулгансыз?

- Тилекке каршы айталбаймын, муну көргөн эмесмин.

* * *

Капитан постто турган милицияны текшерет.

- Сержант, тартип бузуучудан 100 сом алыпсың, уят эмеспи?

- Уят... уят... Бирок ал андан ашык берген жок.

* * *

- Жолдош прапорщик! Жаз келди.

- Имне?

- Жаз келди.

- Имне?

- Мышыктын эркеги ургаачысын кууп жүрөт.

- А-а, жаз келген турбайбы.

* * *

- Доктор, эмне үчүн менин анализдерим мынчалык начар?
- А сиз канча төлөдүңүз эле?
- Ар бир анализ үчүн 50 сомдон.
- Э, көлөкөм, азыр жакшы анализдер өтө кымбат турат.

* * *

Аялдамага жакындап калган автобустун ичинде бирөө - бирөөгө кыйкырып жатат:

- Сен азыр түшөсүңбү?
- Түшпөй, түшөм дейм, түшөм!
- Айкырбай адамча эле жол бербейсиңби?
- Адамча дейт тура, ушул заманда адамча жашаган кимди көрдүң? – деп түшүп кетсе болобу.

* * *

Чакычты уйдай кепшеп, эки-үч жигиттин тролейбуска чыгышканын баятан бери байкап келаткан абышка чыдамы кетип:

- Ай, балдарым, уят эмеспи оозуңарды чормойтуп чакыч чайноо маданяиттан артта калгандык эмеспи – десе, жигиттер жарыша:
- Э, абышка, азыркы учурда бүт баары артты карай баратканын билбейсизби?

* * *

Гражданин, машинаңыз менен даркты эмнеге сүздүңүз?

- Бышыктыгын текшерип көрдүм.

* * *

Жолоочу ашканадан 10 сомго эки манты алат. Ичинен бүдүр эт таппай ашпозчуну чакырат.

- Камырдын ичине жалаң пияз салып койгонуң эмнең?
- Базарда эттин баасы 300 сом болуп атса, он сомуңа ууртуңдан май агызгың барбы! – дептир.

* * *

Молдо элге шарыят айтып отуруп, Кудайга жалыныптыр:

- Оо, Алла! Көрөр күн, ичээр суу түгөнсө, бейиштен орун бере көр.

Жанында отурган Кайыкбай:

- Э Молдоке, тиги дүйнөгө етериң чын болсо, уйкулукту таштай бер.

Чочуп кеткен молдо:

- Астапурулло! – деп ордунан тура качкан экен.

* * *

Эки дос ресторандан чыгышты.

- Мен сага түшүнбөдүм – деди биринчиси, экинисине кайрылып.

- Сен эмне үчүн гардеровщикке чай ичип коюңуз деп он сом акча бере салдың, көп эмеспи?

- Көп меспи дейсиңби? Көп эмес – деди экинчиси сүйүнүп, - ал мага жаңы пальто кийгизгенин корбөдүңбү?

* * *

Энеси бой жеткен уулуна насаат сөзүн узатты:

- Сен алган аял, уулум, сулуу, мээримдүү, жароокер, эмгекчил, ишенимдүү болууга...

- Апаке! – деди баласы апасынын оозунан сөзүн жулуп алып:

- Билбейсиңби , мынчалык көп аял алууга тыюу салынганын.

* * *

Аябай мас болуп келген атасы:

- Балам, телевизорду башка каналга которуп койчу? Үч сааттан бери көзүмө казан-аяк, стакан, мамаңдын сүрөтү көрүнүп жатат десе, баласы:

- Ата! Сиз телевизор көрбөй эле, идиш-аяк салынган сервисти карап отурбайсызбы – дептир.

* * *

Сатып алуучу дүкөнгө кайрылып:

-Мага сый көйнөк керек эле?

Дүкөнчү өзү кийип турган көйнөктү көрсөтүп:

- Ушундай көйнөк болсо жагабы?

Тиги:

- Ушундай болсо го боло берет, бирок мынчалык чыккан болсо жарабайт – дептир.

* * *

Сот:

- Экөөң тең жаш жана сымбаттуу экенсиңер, эмнеге ажырашып жатасыңар – деп сурайт.

Анда жубайдын эркеги:

- Биздин кызыкчылыгыбыз бирдей чыкпай калды. Мен чоочун аялдарга кызыгам, аялым болсо бөтөн эркектерге эркелегиси келет - деп жооп бериптир.

* * *

Грузиндин соту болуп атат. Гоги Жугаузе деген рекетти соттоп атышат.

Аңгыча сот:

- Айыпкер, тур ордуңдан! – дейт эңгезердей бирөө ордунан турат.

- Көрөн-шөрөндөрдү сиз уурдадыңыз беле?

- Жо-ок, да ие-е.

- Сиз рекетсизби?

- Жо-ок, да ие-е.

- Анда эмнеге турдуң?

- Көчүгүмдү тырмап алып эле кайра отурам да ие-е...

* * *

Күйөөсү ишембиликке камданып атат:

Катыны болсо:

- Билем силердин ишембиликти. Дагы ылжырап, түн ортосунда келесиң да, – деп тиртеңдей баштайт.

Түн бир оокумда эшик чырылдайт. Ачса ыргалып күйөөсү турат дейт. Ал ыктытып коюп сүйлөп турган жери:

- И-ий, шерменде, эртең менен тетири сүйлөп, каңкылдап атканың башка эле, так ошондой чыкты го ыя!

* * *

Раундда мугалим менен студент.

Биринчи раунд башталып, студент жеңилип калды. Кайрадан экинчи раунд башталды. Студент дагы жеңилди. Ал эми үчүнчү раундда студент жеңишке ээболду. Анда ортодо турган журналист сурап жатат:

- Урматтуу студент, эмне үчүн биринчи раундда жеңилдиңиз?

Студенттин жообу:

- Маданий иштер менен жүрүп, машыга албай калгамын.

- А экинчи раундда эмне болду?

- Атамды жардамга чакырсам келбей калды.

- Ал эми үчүнчү раундда кантип жеңишке ээ болдуңуз?

- Анда мага алыскы Алайдан Курманжан датка, улуу философ акын Токтогул жардамга келди, ошон үчүн жеңишке жеттим.

* * *

Профессор студенттерге лекция окуп жатып, кичинекей блокнотко жазып жаткан кызды көрүп:

- Сиз эмне үчүн дептер түгөнүп калгансып блокнотко жазып жатасыз?

- Агай, кийин экзаменде керек болот.

* * *

Тролейбусста бара жаткан студент жигит каршысында отурган студент кызды тиктеп туруп:

- Сизди бир жерден көргөн элем карындай.

Анда студенткыз:

- Көчө шыпырып жүргөндө көрсөңөр керек замандаш – деп жооп бериптир.

* * *

Кемпир парктан өтүп баратып, эки жаштын жыпжылаңач болуп бири-бирин өөп-жыттагылап тургандарын көрөт. Кемпир:

- Ай ушу жаштар, жок дегенде “алигиңарди” бир нерсе менен жаап алсаңар боло, байболгурлар десе, жигит:

- Жок, энешка, биз махабаттын кийимин жамынып алганбыз – деп жооп берет.

Кемпир үйүнө барып, абышкасын бир сүйүндүргүсү келип, үйүндө жылаңач бойдон тамак, үй жумуштарын жасап жүрөт. Бир маалда сырттан кирип келген абышка:

- Ай кемпир, бир нерсе кийип алсаң боло – десе кемпири:
- Жок, мен махабаттын кийимин жамынгам.
Анда абышкасы:
- Бир аз үтүктөп алып анан жамынсаң боло, көздү албай.

* * *

Шатландиялык дүкөндөн итине сөөк сатып алат.
- Дагы эмне аласыз? – деп сурайт сатуучу.
- Сатып алганымды бүгүнкү чыккан гезитке ороп берсеңиз?

* * *

Аялы күйөөсүн дүкөнгө жөнөтүп:
- Ак нан ал болбосо, кара нан болсо деле ала бер – деди. Кыйла өткөндөн кийин күйөөсү дүкөндөн келип:
- Ак нан да, кара нан да жок экен, кызылынан алдым деп жооткотуптур.

* * *

- Кандай пиво эң жакшы пиво?
- Кокусунан эртең мененкиге калган пиво.

* * *

Лифтиде күйөөсү менен аялы, анан чоочун кыз. Бир маалда кыз бери бурулуп туруп, эркекти сумкасы менен бетке чаап:
- Уятсыз! Дагы аялынын көзүнчө! Лифтинин эшиги ачылып, кыз катуу басып чыгып кетет.
Эркек кызарып, татарып, аялына айтат:
- Ира, чын сөзүм!
Аялы:
- Эч нерсе эмес, соорусунан мен сылап койдум эле.

* * *

Учкуч түн ичинде мас абалда үйүнө келип, каалганы кагып, кыйкыра баштайт:
- Ту -134 конууга келди. Ту- 134 конууга келди. Аны уккан аялы:
- Кет, жогол, мас экенсиң киргизбейм – дейт.
- Анда Ту-134 экинчи айлампага кетти – деп коюп короону бир

тегеренип келип:

- ТУ-134 кайрадан конууга келди, десе,

Аялы ичкериден:

- Шашпай тур! ИЛ-86 али учуп кете элек – деп жооп берет.

* * *

Кошуна кошунасынан келип сурайт:

- Сиздин уюңуз тамеки тартпайт беле?
- Жо-ок, эмне эле?
- Анда сиздин сарайыңыз өрттөнүп жатат окшойт.

* * *

Шайлоонун эртеси депутаттыкка талапкерлерден аялы сурайт:

- Ии, канча добуш алдың?
- Бир – деп жооп берсе аялы:
- Билем ойношуң бир экенин – деп чуу көтөрүптүр.

* * *

Бир эркек жакында үйлөнөөрүн, өзүнө ылайыктуу аял издеп жүргөнүн билдирген газетага кулактандыруу бериптир.

Кийинки күнү ал жалаң эркектерден коп катты алыптыр. Анда "мен аялымды сунуштайм" – деген сүйлөм бар экен.

* * *

- Тамеки берчи?
- Көп болду токтотконума.
- Чеккендиби?
- Жок, сигарет таркатышты.

* * *

Дарыгер оорулуудан сурайт:

- Күндө канча сигарет тартасың?
- Кайсы маалда кандай. Тааныштардын жоолукканына жараша.

* * *

Бир жигит Россияда 6 ай жүрүп келсе, аялынын 2 айлык боюнда бар экен. Анан – кимден эле, кимден – деп күйөөсү жиндилик

салып жатат – дейт.

Кошуналарын чакырып:

- Өз оюңарды айткыла аялымдан кимден деп сурасам, 3-күч кылды деп жатат, ушул кантип болсун!? – 3-күч кана, ким силер билесиңерби десе, бир аксакал чыгып:

- Ой балам, ушуга ушунчабы? Эмне мынча кыйкырасың! Ой, 3-күчтү азыр сен эмес, элдин баары таппай жатат – дептир.

* * *

Чачтарач чач алып жатып, эки жолу кесип алат. Абалды жеңилдетүүү үчүн клиентти сөзгө тартат:

- Сиз, мурда бизде болгонсузбу?

- Жок, колумду согушта жоготкомун.

* * *

Бир кыргыз жигит Москвага атайын чакыруу менен барып, Останкинодо жүрүп жаткан “Поле чудес” көрсөтүүсүнө катышат кезек ага келгенде:

- “Ө” деп коёт.

- Что, что? – деп таң калат алып баруучу.

- “Ө” – дейт ал үнүн катуу чыгарып.

- Увы, нет такой быквы7 – дейт мурутчан алып баруучу.

Анда кыргыз өзүнчө:

- Ка-ап, “Ү” деп койбой – дептир.

* * *

Украиналык ыңгайсыз фамилия кайсы?

Армян радиосу жооп берип жатат.

- Москаленко!

* * *

Деңизди бойлоп келе жаткан философго кездешкен бир киши “көрүнгөн акмакка жол бере турган жайым жок” – деп жөөлөп өтмөк болот.

- Анда мен жол берейин – деген экен философ.

* * *

Алима эне жайлоого балдарыныкына барып, кечкисин короого

койлор келип жатса аларды карап туруп мындай дептир:

- Ботом, мурдагы койлор маарап калчу эле, азыркы койлор оозун ачып келишет экен.

Көрсө Алима эне кулагынын укпай калганын унутуп койгон окшойт.

* * *

Иванов менен Петров жолугуп калат.

Иванов:

- Петров сен менин аялым менен жатып жүргөнүң мага жакпайт.

Петров:

- Ивановдор силерди такыр түшүнбөдүм! Аялыңа жагат, сага жакпайт. Киминерге ишенем?!

* * *

Чатак бензин менен иштеген моторлу араа сатып алды. Нускоо кагазында бул араа менен бир күндө 60 даракты кыйса болот деп көрсөтүлүптүр. Бирок ал канча аракет кылса да 40тан ашыра албайт. Ачуусу келип заводко кат жөнөтөт. Аяктан комиссия келет.

- Канакей, кантип аралайсың корсөтчү? Чатак керээли кечке иштеп, дагы деле 40тан ашыра албайт.

- Атаганат! – деп шыпшынат комиссия.

- Эгерде моторун иштеткенде...

* * *

Көп сериялуу «Байлар да ыйлашат» - деген мексикалык ктнону карап отурган кыргыз аксакал улутунат дейт:

- Атаңдын көрү, бу америкалык байлардын ыйлаганын карап отуруп, кыргыз кедейлери боздомок болду го…

* * *

Нак дүкөндүн жанында ботолкөлөш достор ой-тоону сүйлөп жатышат.

- Сен үчүн каалайсыңбы, мына бу турган дүкөндү сатып берейинби – деди биринчиси.

Анда шериги:

- Мага бүтүндөй магазиндин кереги жок. Мага болгону «само-

пал» арактан эки жүз граммын берчи – дептир.

* * *

Күндөрдүн биринде Апенди маданий товарлар дүкөнүнөн калем, ручка, дептер, китеп баштык сатып алып чыгып келатты.

Аны көргөн досу:

- Эй жарыктык Апенди, окуй турган балаң жок, буларды кимге алдың - деп сурады.

- Эй досум, кечээ үйлөндүм эле, бүгүн аялым төрөп берди. Перзенттим эртең окууга барабы деп камылга көргөнүм да – деди Апенди.

* * *

Байбичеси абышкасына кайрылат:

- Ыя абышка, бул жамгыр басылабы, болду го! Жаайт эле жаайт. Башында асмандын түбү тешилип калган бейм.

- Тешилбей анан. Өзү мен бала кездеги асман. Тешилсе тешилгендир.

* * *

- Кулак салчсы курдаш, менин курбум бир жигит менен таанышыптыр кечээ. Ошол эле күнү ага турмушка чыгыптыр. Эртеси эртең менен ажырашыптыр. Укмуш ко, чынбы?

- Анын эмнесине таң каласың. Эртең мененки баш, кечкиден жакшы иштейт эмеспи.

* * *

- Судья мырза бу кандай болуп кетти! Өткөн сапар кошунамды «чочко» деп тилдегенпимде 200 франк жаза төлөгөнмүн. Бул жолу 500 франк.

- Сабыр кылыңыз. Өткөн аралыктын ортосунда чочколордун наркы кыйла кымбаттап кетпедиби.

* * *

Күндөрдүн биринде чөп майдалап жаткан колхозчулар чарчаса керек.

- О бригадир бирдеме уюштурсаң - деп калышты. Анда бригадир жылмайган жүз менен:

- Апенди, бул акмактарды саначы – деп буйрук берет.

Бригадирдин айтканын орундаткан Апенди:

- Мен санадым, өзүң менен он алты акмак экен дептир.

* * *

Кыялы чатак булар: Күйөөлөрүн көздөй үтүк, үстөл, казан, табак ыргытуучулар.

Ал эми мүнөзү жумшак аялдар булар: Күйөөлөрүнө карап жаздык, батинке, баш кийимдерди ыргытуучулар.

* * *

Банкка куралчан тоноочу кирип келди.

Тополоңдон улам чыккан банктын башкы бухгалтери:

- Ах, бул сиз белеңиз – дейт кубанганынан.

- Мен дагы текшерүүчү келген экен – деп чочуп кетиптирмин.

* * *

Эки студент кыз мейманчылап келет.

- Кечиресиз, тапочка кийип алсам болобу? – деп биринчи студент кыз үй ээсинен сурайт.

- Ооба, Сенчи?

- Жок, мага кереги жок. Байпагым жыртык эмес дейт экинчиси.

* * *

Айылдык короз шаарга келет. Ал бир дүкөндүн жанында турган гриллдерди көрүп:

- Астафурулло, айылдагы тоокторду кайда кеткен десе, шаарга келип стриптиз бийлеп жаткан турбайбы деген экен.

* * *

Эки кишинин маегинен:

- Уктум, аары бага баштапсың. Кандай анан, аарыларыңа ыраазы болуп жатасыңбы?

Бал челекчи:

- Аарыларыма абдан ыраазымын. Бал чогулта элекмин дечи. Бирок коңшуларымды айттырбай эле чагып алып жатышат – дептир.

* * *

Өрт өчүргүчтөрдүн начальниги чакырууну күтүп отурушкан бригаданын бөлмөсүнө шашып кирип келип, тамагын жасап минтет – дейт.

- Кана эргулдар, секин-секин даярдана баштагыла, салык инспекциясынын имараты өрттөнүп жатыптыр.

* * *

- О Кудай сактай көр1 – деп таң калат экен оорулуунун тиштерин карап жаткан доктур.

- Сиздикине окшогон оңурайган тешикти көргөн эмес элем!

- А сиз эмнеге кайталап айттыңыз?

- Кайталаган жокмун бул деген жаңырык.

* * *

Бир сүрөтчү болгон экен. Бир күнү ал сүрөтчүлүгүн таштап, врач болуп кетиптир.

- Эмне үчүн мындай кылдың - деп сурашкандарга:

- Сүрөтүнүн катасын баары көрүп, эскертип турушат, ал эми врачтын кетирген катасын жер жашырат – деп жооп бериптир.

* * *

Эки аял сүйлөшүп отурат.

- Сен 8-март майрамына карата бирөөдөн гүлдесте алдыңбы? Кечээ бирдеке көтөрүп келаткандай бодуң эле?

- Каяктагы гүл, сен башка бир аялды көрүп алыпсың. Мен гүл ордуна ичегиси үзүлгөнчө ичкен күйөөмү көтөрүп келбедимби.

* * *

Жаш келин күйөөсүнө жагалданып:

- Сенин мага туруксуздугуң жакпайт жаным!

- Дүйшөмбүдө сага картошка жаккан, шейшембиде сага картошка жаккан, шаршембиде да картошка жаккан, дума менен ишембиде сага картошка жаккан, анан эми бүгүн жекшембиде сага картошка жакпай калганы эмнеси…

* * *

Күйөөсү аялына:

- Алтыным, ырдабай эле койчу суранам.

Аялы:

- Эмне, менин ырдашымды көрө албай жатасыңбы?

Күйөөсү:

- Жок, анткен деле жокмун, тиги кошуналар укса, мен сени сабап жатат экен деп ойлошпосун дейм да.

* * *

Чөнтөгүңдө эмне бар?

- Эчтеме жок.

- Тиги бултуюп турган эмне?

- Муштумум да, керек болуп калабы деп таштабай жүрөм.

* * *

Күйөөсү эрте туруп, терезеден сыртты карап аялына айтат:

- Алтыным, байкашыма караганда бүгүн күн абдан жакшы тийчүүдөй!

- Эмне экен?

- Өзүң айтпадың беле, жаркырап күн тийген күнү сенден кетем деп…

* * *

Чатакташып атып, аялы күйөөсүнө кыйкырат:

- Ушу мен сага тийгиче, шайтанга эле тийип алсам болмок.

- Андай болушу такыр мүмкүн эмес, жакын туугандар бири-бирине үйлөнүүгө тыюу салынат.

* * *

- Он сом берип турчу?

- Он сом жок, беш эле сомум бар.

- Мейли, бере бер, беш сомун карыз болосуң да.

* * *

Кайра куруунун убагы. Арак дүкнөдө кезек күткөн кишилердин аягы көрүнбөйт. Аракка жетпей жаны кашайган бирөө:

- Энеңди гана… Жанагы Горбачёв деген неменин мурдун талкалабаса болбой калды - деп ызырынган боюнча Борбордук Комитетке кетет. Бир топтон кийин шалпайым кайра келет:

- Өх! ЦКга барсам, ал жерде биердегиден да узун «очурет» бар экен.

* * *

Күйөөгө чыккан Калемкаштан Баты сурады:

- Бул канчанчы күйөөң?

- Кана, Сайпидин, Айнидин, Жанадил, Жанабил, Сарыбай, Алыбай, Карыбай калганы эсиме келбей атпайбы, атың өчкүрлөр! Калганын жай олтуруп кагаз-карандаш алып, бирден тизмелеп айтып бербесем эсимден чыгып жатпайбы.

- Анда Баты айтат дейт:

- Ой иий, сен тим эле менден өтүп кеткен турбайсыңбы. Азыркы алма быш күйөөм сегизинчи. Капырай, балыкчыны балыкчы алыстан тааныйт деген ушу да.

* * *

Каникулда бир группа балдар Веймарда Гетенин үй музейин көрүп чыгышты. Абдан чарчаган бирөө жакын турган отургучка отура кетти.

- Жигит, бул отургучка отурууга мүмкүн эмес, ал Гетеники – деди музей кызматкреи.

- Эч ренсе эмес, - деди ал муңайынкы.

- Ал келсе ордун бошотуп берем.

Травмайдагы кассир мага ушундай тигилди, кудум менин билетим жоктой…

- Сен эмне кылдың?

- Мен ага кудум билетим бардай карап тура бердим.

* * *

- Сиздин ооруңуз боюнча сиз аялыңыздын кароосуна муктажсыз.

- Дарыгер, сиз туура айттыңыз. Аялым канчалык эрте кетсе, мага ошончолук жакшы.

* * *

- Сиз уколду эмне үчүн албайм деп жатасыз?

- Укол алгандан кийин чоң атам көз жумган.

- Бөйрөктөнбү же боордонбу?

- Жок сегизинчи кабаттан учуп кеткен.

* * *

Дивизиянын командири жаш лейтенантты өзүнө чакырып алып айтып жатат:

- Биздин дивизия жоюлат деп сөз таркатып жүрөт экенсиң. Бул жөнүндө мага айтып келишти. Бул эч нерсе эмес. Мен сизге жаза колдоном.

Ушул учурда генералга шашылыш келген пакетти беришти. Ал пакетти ачып, окугандан кийин сурап жатат:

- Лейтенант, биздин жолугушуубуз жөнүндө жаңылыкты каяктан илип алып жүрөсүң?

- Жолдош генерал базардан. Агафоя деген аял айткан.

- Бир боорум, базарга дагы бир жолу барып келчи. Мени каякка которушат болду экен.

* * *

- КГБдансыңбы?

- Жок.

Милициядансыңбы?

- Жок.

Прокуратурадансыңбы?

- Жок.

- Анан эмнеге бутумду тебеледиң?

- Түн ичинде Апендинин бешиктеги баласы безилдеп ыйлап кирет. Аялы күйөөсүн ойготуп:

- Бул бала экөөбүздүн перзентибиз. Жарымы меники, жарымы сеники.Бир жолу болсо да сен муну сооротсоң - деп калат.

Апенди жуурканды чүмкөнүп:

- Сен өзүңө таандык жагын соорото бер, меники ыйлай берсин – дептир.

* * *

Сен ушунчалык арыктадыңбы? Бул жаңы диетабы?

- Ооба, сабиз, кызылча жана картошка.

- Кайнаттыңбы, куурудуңбу. Эмне кылдың.

- Каздым!

* * *

Дүкөнчү:

- Кандай деп ойлойсуз аяш? Аялдардын эки жуп өтүгүн каттырып койдум эле, базарга чыгарып сатсам канча берет?

Аяшы: - Keминде үч жыл…

* * *

Аялы:

- Алыбайды тойго чакырбагын! Азыраак эле ичип алса, жаңжал чыгара берет экен.

Күйөөсү:

- Эч нерсе эмес! Эл тез тарап кетиш үчүн атайын чакырып коюш керек ошону.

* * *

Бир жигит шаардан айлына барат. Айылдашы кезигип:

- Ээ иним, шаарда жашоо кандай? – дептир.

Анда жигит айтат:

- Баары эле жакшы, бирок суу ичкенде кыйналып жүрөм – дептир.

-Айылдашы:

- Эмне болуп кыйналып жүрөсүң?- десе шаардан келген жигит:

- Жипти тартканда шар этип агат, ичкенге үлгүрүп калсаң болду, үлгүрбөсөң агып кетет – дептир.

* * *

Аялы менен күйөөсү көпүрөдө өздөрүнчө романтика кылып отурушса, аялы күйөөсүнөн сурайт:

- Азыр мен ушул жерден секирсем, куткарат белең?..

Анда күйөөсү сүйүнүп:

- Ооба. Секиресиңби – деген экен.

* * *

Чукча ЦУМга кирип барып, сатуучу кыздан:

- Бул телевизор канча турат? – деп сурайт.

Сатуучу кыз:

- Чукчаларга сатпайбыз – деп жооп берет. Чукча сыртка чыгып, пальтосун чечип келип, кайра сурайт:

Кыз:

- Чукчаларга сатылбайт - деген жоопту кайталайт.

Жини келген чукча:

- Чукча экенимди кайдан билдиң десе, кыз:

- Анткени бул деген холодильник – деп жооп берген экен.

* * *

Күйөөсү менен аялы «Ужас» кино көрүп жатышат. Бир убакта эле экран толгон эле «Ужастын» бети болуп калат.

Аялы коркуп кетип, «Ап-а-аа!» - деп кыйкырып жиберсе, күйөөсү таң калат:

- Апаңы кантип тааныдың - деп суроо берген экен.

* * *

Лектор угуучуларга Израилдин аба ырайынын жаман экенин, жаандын жаай берээрин, андыктан барбай эле коюу керектигин түшндүрөт. Картаң еврей дарстан кийин лекторго барып:

- Жолдош лектор! Сизге чоң ырахмат! Сөзсүз кол чытарама алып аламын – дептир.

* * *

Апенди конокко барып, өзү курактуу абышкаларга мактанып калат:

- Жаш кезде күчүм кандай болсо, азыр деле күчүм ошондой.

- Муну эмне менен далилдеп бере аласың?- деп сурап калышат:

- Биздин үйдүн короосуна жаргылчактын чоң ташы бар. Ошону мен күчкө толуп турган 20 жашымда көтөрө албасам, азыр деле аны ордунан жылдыра албайм – деп абышкаларды күлдүрүптүр.

* * *

Сайра менен Майранын маегинен:

- Кандай Сайра, эмне ооруп жаттыңбы?

- Жок, ай эмнеге антип сурап жатасың?

- Эртең менен үйүңөн бир доктур чыгып бараткандынан.

- Сенин да үйүңөн беш депутат чыгып кетти. Сеникинде эмне сессия болуп жатабы?

* * *

Мамчиновник:

- Сиздин колуктуңуз мезгилсиз дүйнөдөн кайтыптыр – деп угузушса, ал бечара:

- Бул маалымат расмий булактардан алындыбы - деген экен.

* * *

Жаңы жетекчи кандай? Аны менен иштешсе болчудайбы?

- Сонун адам! Иштешип, иштешпесе да болот.

* * *

Ой ушундай да болобу? Бул кыздын же үнү болсочу. Ким ырдап жатат экен ыя?

- Менин кызым.

- Апей коңчц, үнү укмуш жакшы экен, бирок музакасы начар болуп жатпайбы, ким жазган музыкасын билбейсиңби?

- Мен!

* * *

Жаш келин күйөөсүнө эркелейт. Ал аны сүйөт. Бир топ убакыттан кийин келин күйөөсүнөн өтүнөт:

- Дагы бир жолу! Ал дагы сүйөт.

Күйөөсү сулк жыгылып уйкуга етет. Келин күйөөсүн ойготуп дагы өтүнөт. Түнү бою күйөөсүнө уйку бербейт.

Эртең менен күйөөсүн ойготсо, ал чочуп:

- Дагы эмне керек?

- Эчтеке керек эмес. Ишке жөнөбөйсүңбү?

Күйөөсү кубанып кетип:

- Ишкеби, ишкеби – дептир.

* * *

Жүр арак сатып алабыз, анан аны сок менен аралаштырабыз.

- Кандай сок менен?

- Ашказандыкы менен.

* * *

Молдо аке! Табыш сопу менден карызын төлөбөй о дүйнө кетти. Эми анын сообу мага тиеби, тийбейби?

- Тигил дүйнөдөн акең эле келбесе, сооптон үмүт этпе үкам.

Аякта соол кымбат.

* * *

Орто жаштагы аял элтеңдеп догдурга кайрылат имиш.

- Мени күйөөм акылыңдан адаштың - деп жатат.

- Эмнеге?

- Мен бар болгону куймакты жакшы көрөи.

Анын эмнеси бар экен? Мен деле куймакты жакшы көрөм.

- Эң сонун! Анда биздикине кире кетиңиз. Менин шкаф, сервантарым бүт жыкжыйма куймак.

* * *

Күйөөсү таңга маал келсе, аялы ажылдап тосуп алат:

- кайда жүрдүң ыя, самтырап!?

- Алдыңа кетейин, деги урушпачы. Кечээ жумуштан келе жатсам бир ажайып сулуу кезигип, эптеп көндүрүп үйүнө түнөп калдым.

Жаныңды гана жейсиң ээ, жаныңды жегир десе. Баягы шамтыраган досторуң менен карта ойногондурсуң таң атканча.

* * *

Эки жаңы кыргыздын маеги:

- Аман, кечээ Талип «мерседес» меен атчан кишини коюп кетиптир.

Анан?

- Талип ооруканада экен. Машинасы эч нерсеге жарабай калыптыр.

Ат менен кожоюну эмне болуптур?

- Аларга эмне, алар эстелик да.

* * *

Ору сменен чукчанын мушташып жатканын көргөн милиция кызматкери келип:

- Эмнеге мушташып, тартипти бузуп жатасыңар?

- Чукотканын кожоюну ким экенин чече албай жатабыз.

Аларды камап коюшат. Эртеси күнү эртең менен коё беришип:

- Кана чечтиңерби?

- Чукча:

- Ооба чечиштик, Бул кожоюн, мен кожойке экенмин.

* * *

Наркоман телефон чалып:
- Алло, бул 17-55-22 номериби?
- Жок.
- Анда эмесе, телефонду эмне көтөрүп жатасыңар.

* * *

Кыргызстан жөнүндө, президент жөнүндө газеталар жамандай беришет. Эми аларды мен да жаман көрүп калдым.
- Кимди, президенттиби?
- Жок кокуй, гезиттерди..

* * *

Чет өлкөлүктөр жардыларга жардам көрсөтүү алкагында грант алып келишет. Жакыр жашаган бир кыргыздын жашоосун көрүп чыгышат да бир суроо менен кайрылып, анан грантты колуна берели дешет.
- Кана аксакал, азыр менин чөнтөгүмдө канча миң доллар бар экенин таап айтсаңыз, ошо эки миңди тең сизге берем.
Анда аксакал:
- Мүмкүн 5 миң болуп жүрбөсүн – дептир.

* * *

Жигит:
- Айка, сенин бутуң жок болгондо, бут кийим киет белең?
- Жок.
- Анда эмне үчүн төш тарткыч тагынып жүрөсүң?

* * *

Отуруңуз айта бериңиз. Эмнеңиз ооруйт?
- Доктор, башым.
- Эмне үчүн бутуңуз таңылуу?
- Башым менен түштүм.

* * *

Эки жаңы кыргыздын аялдары сүйлөшүп жатат дейт:

- Сен билесиңби, кыргыздын аялдары мурда күйөөлөрүн үйлөнүү тоюна чейин көрүшпөчү экен.

- А биз болсо тескерисинче үйлөнгөндөн бери күйөөлөрүбүздү көрө элекпиз ээ?

* * *

Бир келин курбусунан сурап турганы:

- Ай Акиш, жаңы күйөөң төшөктө кандай экен ыя? Бай дешет ко чириген?

- Э койчу бай болбой кара жерге кирсин ошол. Жатарга келгенде нөл экен. Кыймылсыз мүлкүм бар дегенинен кызыгып чыга калгам. Ташбалакет да жок.

* * *

Карыган абышка жаш кызга үйлөнөт. Бир жылдан кийин аялын төрөтканага алып келет.

- Азаматсыз дейт врач:

- Моторду иштетип коюш керек! – дейт абышка сыймыктануу менен.

Бир жылдан кийин дагы төрөткөнү алып келет.

- Ой абышка! Кантип эле? – деп врач таң калат.

- Моторду иштетип коюш керек!

Кийинки жылы үчүнчүсүн төрөйт.

Врач абышкага:

- Моторду алмаштыр, капкара пар төрөлдү.

* * *

Күйөөсү аялына:

- Эмне отурасың? Жардам берсең боло. Жок дегенде көчүгүңдү стулдан көтөрсөң боло.

- Болбойт! Доктурлар ар нерсени көтөрбөй жүр деген.

* * *

Соттун төрагасы:

- Сиз эмне үчүн аялыңыз менен ажырашканы жатасыз?

- Түн ортосунда ойготуп: «Тур алтыным, үйүңө кет» деп айтып жүргөнү үчүн.

* * *

- Алло! Фотокабарлар агентствосубу?
- Ооба.
- Айтыңыз, моделдерге акча төлөйсүзбү?
- Жакшы эле төлөйбүз, бирок параметриңиз 90-60-90 болуш керек.
- Бул жагынан кеп жок, баары тең чак келет, боюм да, жашым да, салмагым да…

* * *

- Чоң кыз свитериңиз аябай көрктүү, кооз экен!
- О-о, бул деген накта төөнүн жүнүнөн!
- Ошондой эки өркөчүкыймылдап жатат…

* * *

Бизнесмендин офисине бирөө телефон чалып, машинеңди жарам, же офисиңдин күлүн көккө сапырам, же балаңды уурдап кетем, же үйүңө граната ыргытам.

- Эй келесоо, адегенде кайсынысын кыласың, ошону чечип туруп чалбайсыңбы!?

* * *

82 жашар чал доктурга келип:

- Догдур, мен кийинки жумада дагы үйлөнөм.
- Жакшы жаңылык экен. Жубайыңыз канчада?
- 18де.
- Мен сизге төшөктөгү чексиз активдүүлүк өлүмгө алып бараарын эскертип коёюн.
- Эч нерсе болбойт, Өлсө башканы алам да.

# Белгилүү, белгисиз адамдардан күлкү

- 1934-жылы Шакен (Шаршен куудул) жанымды койбой жатып велосипед мингенди үйрөтүп койду дейт акын Осмонкул Бөлөбалаев эскерүүсүндө.

Экөө жарышып келе жатып, кырсык болот. Машина коюп кетет. Осокемдин маңдайкы төрт тиши ыргып кетет. Догдурга алып барып байлаттырып Шаршен Осмонкулду үйүнө жетелеп келет да, короого киргенде:

- Ушундай туруп тур. Сени көрүп жеңемин эси чыкпасын. Мен болгон окуяны чочутпай айтайын – деп дарбазанын жанына Осмонкулду отургузуп, Шакен ичкери кирип кетет.

Бир убакта эле. Осмонкулдун байбичеси бакырып чыкты дейт:

- Атаны каран күн! Машина басып кетет деген эмне шумдук. Шайтан арабаң менен куруп кет. Сен болбосоң, бул балакет болбойт эле! – деп кыйкырып келе жатат.

Осокем байбичесин тосо чыгыптыр. Кемпири терең үшкүрүп:

- Өө-х! Деги аман-эсенсиңби? Тиги өлгүр сени:

- Эс-учун билбей больницада жатат. Батыраак баргын жеңе, соо кала турган түрү жок – деп эсими эки кылбадыбы.

Биз үйгө кирип барсак, Шакем терезеде жылмайып туруптур.

- Жеңе мен сени сынайын дедим – эле Осокеме абдан күйөт турбайсыңбы. Менин Манибайым (аялынын аты Маанай) Шаршенди машина коюп кетмек эмес, тебелеп кетти десе:

- Өлгөнү ырас болуптур. Көңүл айтканы келгендердин бекер арагын ичип жыргайын деп каткырып күлмөк. Муну угуп, аргасыздан биз да күлдүк – дейт Осокем.

* * *

Кыргыздын тунгуч режиссеру, артист Аманкул Куттубаевдин Шакен тууралуу эскерген жери бар.

- 1942-жыл Шаршендин абалы оор, коштошуп калгыла дегенинен жаткан палатасына барып калдык.

- Кандай Шаке? – десек, жайдаңдап, мурдун барбайтып:

- Кармашып жтам. Тигилер нары сүйрөйт, тырышып мен бери тартам. Ит жыгылыш болуп жатабыз – деди. Бырс күлүп жибериппиз. Жарым саат өтпөй Шакем узап кетти- деген суук кабар угулду.

Таң ата Шаршендин кошуналарынын бир келини кире калып, кашкая сүйлөп эле Шаршендин аялы менен ушакка кирет. Ко-

роодогу чарба жумуштары менен алек Шаршен кез-кез үйгө кире калса, баягы келин аны көзүнө илбей, жаагын жанып сүйлөп жатат. Күн түш болот. Бул убакытта Шаршен жарым кап буудайды көтөрүп келип тигилердин ортосуна таштайт. Чочуган аялы – бул эмнең дейт. Анда Шаке: - Бул келиндин тили буудай кууруйт экен, бекер отурбай бул буудайды куурутуп алчы – дептир.

* * *

Айтылуу Куйручук Кетмен-Төбөгө келип калат. Кетментөбөлүктөрдүн ыр-күүгө жакын экенин сезген ал:

- Түнкатар, Түнтөй эл экен
Түтүнү сайын ырчы экен
Болушунда ырчы жок
Жумгалым эле тынч экен – деп ырдаган экен.

Асанкул куудулдан сурашат

- Гастролго каачан кетесиңер?
- Өгүнү көлдөн келдик эле Келдибек бөтөлкө жол менен чуркап коюп, такасы түшүп калып, ошону келин бала такалап бүтө албай жатат. Бүтсө эле кетет элек – деп жооп бериптир.

Асакемдин баасы

Жекшенбек деген балбан мүчө, бас үндүү ырчы жөнүндө: «Ырчы болбой бука болгондо көбүрөөк пайда келтирмек».

Мыктыбек Үмөталиев уйкуну жакшы көргөн адам болгон. Ошол жөнүндө:

«Тигил жакка барганда үңкүр-маңкирлер Мыктыбекти ойгото албай филармонияга кайра жөнөтөт болуш керек».

Уркаш Мамбеталиев жөнүндө

«Ушу азыр эле Уркаш – мына эмчек деп башканы бере салсаң да карабай туруп, ээмп жибере турган бир эс кире элек бала да».

Толтой Мураталиев жөнүндө:

«Муну кыягы менен эле тыягы адам кылып жүрөт».

Эрмек Мойдунов жөнүндө:

«Атын Эрмек коюп, ырысыбыз бар экен. Кокус «Голос Америка» деп койгондо таза ит болмок экенбиз».

Асектин айткандарынан:

Бир күнү базардан келатсам Асанкул куудул алдыман чыгып калды.
- Ассалоом алейкум!
- Алекума салам!
- О кандай?
- Мончодон, - деп күлүмсүрөп койду. Мен дагы жөн турбай сурап калдым.
- Мончодо эмне бар экен ыя?
- Быягы мончо да. Энем эми төрөгөнсүп, чечинип алып, самынды өчөшкөндөй өлө шыбанып алыптырмын. Айланам эле «Кыр-рр», »кыр-рр» - дейт. Шаша-буша көзүмдүн самынын жууй салып карасам, бир аксакал койдун карынын жууп атат, көзүмү жума койдум. Ээ чунак киши ушул жерге койдун карынын алып келип жууп эмне кылат, тооба деп алып чыдабай дагы көзүмү ачып алып, жакшылап карасам, өзүнүн карынын жууп жатыптыр. Муну уккан мен үйгө үйгө жеткиче күлүп барбадымбы.

Асанкул турган жеринен күлкү чыгарчу. Композитор Насыр Давлесов дрижёр болуп жаңы иштеп жүргөндө Ысык-Көлгө гастролго чогуу барып калышат. Кечинде бир айылда башталып, оркестр ойноп жатат. Кудай бетин салбасын хор ырдап жатат. Элдин алдыңкы катарында эки-үч аксакал отурушкан экен. Давлесов оркестрди башкарып дирижерлук кылып жатса, баягы аксакалдардын бири:
- Далдактаган атаңдын оозун урайын, быякка турчу, тиги ырдаган балдарды көрүп отурайын – деп таягы менен Давлесовду түртүп четке чыгарып койду – дейт.
Аксакалга өөдө карабаган кыргыздын ыйманын карачы айла-

найын. Хорду үч-төрт үн менен ырдашчу. Асанкул басс үндүү эле. Ал хордо «бом, бом, бом» деген эле жерин айтчу экен. Баягы аксакал жөн отурбай дагы:

- Ой, атаңдын оозун урайын, мунун бом-бомунан башка эчтемеси жок немеби – дептир.

Анда АСАНКУЛ:

- Бом, бом, сиздин сиздин атыңызды мен урайын, бом, бом, - десе элдин баары күлкүдөн жыгылып кала жаздап, хор токтоп калган экен.

* * *

Каракчыларга кийимин тонотуп, ич кийиминен башкасы калбаган Райкан сыр билдирбей үйүнө жетип алуу үчүн чуркап баратса, таанышы:

- Раке, таңатпай каякка чуркап жөнөдүң - деп сураса Райкан:

- Жөө күлүктүккө машыгып атам – деп жооп бериптир.

* * *

Сүйүнбай Эралиев Таластан депутаттыкка талапкер болуп шайлоочулар менен жолугушканда, бирөө мындай суроо берип калат.

- Сүйүнбай Эралиевич, депутат болуп калсаңыз кандай убада берет элеңиз? Анда Сукем:

- Мындан жакшы ыр жазууга – деген тура.

* * *

Басмадан «Тандалмалары» чыгып, Рамис калем акысын алып кетет. Эртеси эле бизге келип:

- Жигиттер мага жыйырма сом карызга берип тургула – дейт.

Биз: - Э Раке, кечээ эле бир капчык акча албадың беле – десек.

- Жеңеңдин кассасына түшкөндөн кийин ачылбайт экен, - деп күлдүргөн экен.

* * *

Эрнис Турсунов күндөрдүн биринде төшүнө «Ардак белгиси» орденин тагынып алып, досторуна келет:

- Ой, Эрнис орденди качан алып жүрөсүң? – дешип таң калышат.

- Гезит окубайсыңарбы, эмнеге? Өгүнү указ чыкпады беле.
- Достору куттукташып орденди жуушат.
Ошондо:
- Мага Аскаров союзда турганда мага орден тийчү беле. Бул аяшыңардыкы – деп ыкшып күлгөн экен Эрнис Турсунов.

* * *

Бир сапар Илья Чавчавадзеден эмне үчүн Акаций Церетели сен жөнүндө дайым боктогон кепти айтат да, сен аны мактагандан башканы билбейсиң - деп сурап калышат.
- Экөөбүз тең өтө жаңылышабыз – деп жооп кайтарыптыр Илья.

* * *

Акын Сергий бир сапар аялы менен кажылдашып калганда аялы:
- мындан ары чыдагыдай алым жок! Болду мен качып кетем – дейт.
- Качып эмне кыласың? – деп таң калат Сергий, беймарал эле кете бер, артыңдан кууган эч ким жок.

* * *

Түмөнбай Байзаковдон:

Кыргызстан жазуучулар Союзунун партиялык кайра шайлоо чогулушунда партуюмдун катчылыгына сынчы Кадырбек Матиев шайланат. Залда отурган Түмөке:
- Жолдош Аскаров, Матиев, Матиев эле дейсиңер, тааныбайт экенбиз. Эгер Матиев ушул жерде болсо, ордунан туруп койсун – дейт.
- Жолдош Матиев, сизди жакшы тааныбагандар бар экен. Ордуңуздан туруп коюңуз – дейт Аскаров.Арт жакта отурган Матиев ордунан турганда залдагылар аны жапырт карап калышканда Түмөке:
- Жолдош Матиев, убара болуп турбай эле койсоң деле болмок экен. Турганың деле, отурганың деле бирдей тура дегенде залдагылар дуу күлүп жиберишиптир, көрсө, Матиевдин бою кыска

экен.

* * *

Арак таңкыс кезде Түмөке туулуп өскөн жери Сузакка келип калат. Бир тууган инниси Үсөн Түмөкем Фрунзеге (Бишкек) кетээрде бир жашик арак алып, аны гезитке ороп сумкесине салып берет.

Аны көргөн Түмөке:

- Бөтөлкөлөрдүн баарына сарпайы кийгизип коюпсуң иним. Ушул калат дедиңби? Ушул бөтөлкөлөрчө жокмунбу? – дептир.

* * *

Жазуучулардын кайсы бир чогулушунда жазуучу Насирдин Байтемиров жарыш сөзгө чыгып, көбүрөөк сүйлөсө керек. Түмөкем:

- Насирдинди атып эле түшүрбөсөң, трибунадан жөн түшпөйт – деген экен.

* * *

Казак кесиптештери менен кыргыз акын-жазуучулары сүйлөшүп отурушса, меймандардын бирөө:

- Жүрөгүм ооруп жатат – деп калбайбы. Аны уккан Түмөкем жөн турбай:

- Казакка жүрөктүн эмне кереги бар, өпкө болсо болду да – дептир.

* * *

«Арашан» эс алуу үйүндө күтүүсүз жамгыр жаап жиберет. Түмөкем менен бирге эс алып жүргөн Осмон Темир мындай дейт:

- Араванда үйүмө бир машине топурак түшүрдүм эле, эми эмне болот – деп калат.

- Эмне болмок эле, ылай болот да – деп турат Түмөке.

Мухтар Борбугуловдон:

Атасы баласына «Манас» китебин берип:

- Окуп чыккын – деди.

_ Макул – дди баласы.

Анан баласынын китеп окуганды жаман көрөөрүн эстеп:
- Анан текшеремин деп эскертти.

Баласы ошол бойдон китепт унутуп калды. Бирок атасы унуткан жок. Бир нече күн өткөндөн кийин сурап калды:

- Китепти окудуңбу?
- Окудум – деп бласы калп айтты.

Атасы ойлонуп жерди карап турду.

Бээжинди ким алган – деди анан.

- Мен алган жокмун.
- Бээжинди ким алды – дейм?
- Мен алган жокмун. Бирдеме жоголсо эле менден көрөсүң!

* * *

Эркек болсоң ачуу чындыкты ук!
- Ачууну ичкенден өтөөрү жок. Аны угуп эмне убара болобуз.

* * *

Бейтапканада жаткан бироө:
- Кыйналбай кантип өлүп алам? Ким айтат – деп сурайт.

Хирург:
- Анын энеси бар? Бизге операцияга жатыңыз…

* * *

Сары кыз өзүнүн эри Озонбайга:
- Кармап туруп чыгарып жибердим – дейт.
- Ырас болуптур. Кимдикин кармадың эле?
- Сага ылайык шляпа эле, бир эркек колумдан сууруп алды.
- Андайда сен бекем кармабайсыңда…

* * *

Скульптор жылаңач кыздын тулкусун жасап, уят жерине боло жүргөндөй анжирдин жалбырагын жабыштырып жатса, тааныш айтат:

- Аялдын ал жерине жалбырак чыкканын качан көрдүң эле? Эмне чындыкты бурмалайсың? Дагы реалистмин деп коёсуң.

* * *

Анча картая элек молдо автобуста отурса, бир топ кыздар ки-

рет.

Алар молдого тийишип:

- Мынабул кыз сизге жагабы? – деп бир кызды көрсөтүп сурашат.

- Сулуу кыз:

- Бул кыздын ким атымды айттырбай таап алса өлтүрөм деген шерти бар.

Эмне дешин билбеген молдо:

- Алла! – деди. Кыздар чуулдап жиберишти:

- Туура! Таптыңыз! Аты чын эле Алла. Өбүңүз деп жаалап, молдону кызга түрткүлөшөт. Нары айласы жок, нары кызга кызыгып:

- Бисмилла! – деп туруп кызды өбөт.

Ичинен «Лаилохо Илалла» деп келме келтирди. Эшикке чыгып алып караса, капчыгы жок. Ошондон бери молдо «Алла» дештен коркуп калды.

* * *

Балал чагынан кой багып, андан башка эчтемени көрбөгөн баласына атасы аял алып берди. Түн ичинде колуктусу менен жатканда чатын сыйпалады.

- Эмне издейсиң деди колуктусу.

Эмчегиңди…

- Апей, эмчек ошол жакта болот бекен?

- Тигини дейт күйөөсү. Мени алдагысы бар. Эмчек каерде болгонун билем го.

* * *

Аларман дүйөндөгү сатуучу кыздан сурайт.

- Ыштаныңбарбы?

- Жок.

Сатуда да жокпу?

* * *

Илгери Жаныбек казыдан бирөө сураптыр:

- Сиз аксызбы, кызылсызбы?

- Акмын да, кызылмын да.

- Андай болбойт.

- Болот. Каным кызыл, ишим ак.

* * *

Куудул Жамбыл Камчиев бирөөгө үйлөнөм десе, Рахман Разыков караманча каршы чыгат:

- Эх досум, түшүнчү! Эмне, үйлөнбөй эле көңүл ачсаң болбойбу?

Анда Жамбыл:

- Кызыксың да, мен силерге окшоп, «красавчик» болбосом… Тиги үйлөнбөсөм көнбөй атпайбы! – деп башын тырмаптыр.

* * *

«Бешиликтин» бир жигити үйлөнүп, Рахманга сүйүнчүлөгөнү келет.

- Шеф сүйүнчү, мен үйлөндүм!
- Азаматсың! Баягы сүйлөшүп жүргөн кызыңы алдыңбы?
- Жок. Башка эле кыз. Эмне болбойбу?
- Болот, болот. Биринчиси өзү репитиция да – деген экен.

Абдысалам Абдырахмановдон:

Жаш кезде театрда иштеп жүргөндө артисттерге берген мейманкана тибиндеги бир бөлмөлүү үйдө туруп калдым. Ананн жаңы үйгө көчмөкчү болдум. Таланттуу обончу ?? Мукамбетов: «Ошол үйгө мен көчөйүн, кол коюп бер» - дейт. «Пиво» ичесиңби дос? Деп артыман калбайт. Пиво алып берип: «Сен үйгө кол коюп, мен турган үйгө жашасаң, муздаткычымды кошо берем» - дейт. Ал убакта муздаткыч мода болчу, кызыгып кетип кол коюп берип салдым. Үйүн барып көрүп, эки жакты карасам муздаткыч көрүнбөйт, анан сурасам:

- Кана муздаткыч?
- Көргөн жоксуңбу?
- Жок.
- Терезениаччы.
- Ачтым.

Сыртта бир ящик турабы?

- Турат.
- Менин муздаткычым ошол - деп атпайбы кишинин боорун

эзип.

* * *

Бир лейлектик сакоо конторго келсе, дагы бир сакоо контордун ачылышын күтүп отурган экеню Кийинки келгени мурунку келгенден минтип сураптыр:

- Контойдо чоңдой бай бекен?

- Билбечем – деп жооп бериптир күткөн сакоо «билбечем» деп мени шылдыңдап жатат го деп ойлоп «билбечем» дегенди «чоңдой бай бекен» дегени жакадан алат. Маки короздой тирелишкен эки сакоону контордон чыккан кызматкерлер ажырата албай суй жыгылышыптыр.

* * *

Доктор болсо мына биздикиндейболсун! – дедим. Эл арасында көздүн окуусун бүтүп алып, ичиңи да жара берет, бутуңу да кесе берет, каалаган жериңе уколду да сая берет. Сайган уколу туура эмес реакция берип, тигиниси сапарга аттанып кетсе да «пешенеге ушул күн жазылган турбайбы» деп жер муштап, «доктурга өмүрүнүн акырына чейин күрөшкөнүң үчүн ырахмат айланайын!» - деп эттин майлуусунан түйүп берип олтуруп калабыз.

Ошол догдур аялдарды да төрөтө берет, бир кочуштан дарыларды беш-алты жолудан ичире да берет. Акыры арга калбай калса:

- Өзүңүз көрдүңүз. Насиби бүтүп, көрөөр күнү ичээр суусу түгөнүптүр. Болгон аракетимди жумшадым.

- Даярдана бериңиздер – деп ыймандай сырын айтып салат. Болсо, биздикиндей доктур болсун. Наркы дүйнөгө тездеп кетирүүнүн жолуп тапкан!

* * *

Сузактын Карамартында Кадыраалв деген адам жашап өткөн. Эл оозунда анын куудулдугу жөнүндө бүгүнкүгө чейин айтылып келет.

Кыз көп Карамарттын кулуну жазуучу Мухтар Борбугулов айылга келип калат. Кадыраалы куудул менен айылда көзү өтүп кеткендердин үйлөрүнө куран окуп чыгышат. Кадыраалы айтат:

- Муке, ушунча болуп калды Ташматка да куран окутуп коелу.

Чочуп кеткен Мухтар:

- Суу сугарып жүргөн жеринде Ташмат ава менен азыр эле учурашпадыкбы – десе.

- Сен эмки келишиңе чейин ал деле оо дүйнө кетет, алдын ала куран окуп койгонуң оңбу дейм да – деп Мухтар Борбугуловдун айылга сейрек каттаарын чымчылап өткөн экен Кадыраалы.

Ошол Кадыраалы бой жеткен маалы. Үйлөнсөм дейт. Колунда жок экен. Кайсы бир тойдо бөкөлчүгө кирип эт алып жеп атса, аласы жыртык экен. Ал жерден «тигиниси» чыгып турат имиш.

Бөкөлчү жинденип:

- Тигиниңи жаппайсыңбы деп опурулса.

Анда Кадыраалы:

- Ошо бечара, үмүт этип, сизди үйлөп коебу деп жалдырап турганы – десе бөкөлчү таш тийгендей болуптур.

* * *

Ошол эле Сузактын Ачысында Акыл деген төкмө, куудул жашап өткөн. Акылдын өнөрү кагазга түшпөй, дээрлик унутулуп кеткен.

Акылдын жалгыз уулу болот. Атасы уулун Жалал-Абаддагы пед окуу жайына окууга тапшыртат. Арадан бир далай убакыт өтүп кетет. Акыл баласынан кабар алганы окуу жайга келет.

Сабак жүрүп жаткан маалы экен. Акыл кыйла күтүп туруп калат. Аңгыча чыгышка коңгуроо болот. Студенттер танаписке сыртка жайнап чуркап чуркап чыгышканын көргөн Акыл:

- Балам, ушунча жандан сага илим тийишине көзүм жетпейт – деп баласын атка учкаштырып баса берген экен.

Ташбай Жоробековдон:

Бул адамды аксылыктар курч, куйкум сөздүү акын катары билишет. Сындаганды сындап, мактоого татыктууну мактап, жүргөн жерин күлкүшаңга айлантат. Акын Ырызалы Жанчаров топтогон Тайбай акенин күлкүлөрүнөн:

Жайкы чөп чабыкка кол кабыш кылган мугалим жамааттары кечкисин кезектешип, үйлөрүнө барып, таң атпай иш башында болуп калышчу.

Мотоцикли менен үйүнө кеткен директордун орунбасары Канатбек иштен кечигип, ага Ташбай учкашып келе жатышып, жол боюндагы аркандаган эшекти, анан идти уруп кетишет.

Бул тууралуу ошондо Ташбай минтип ырдаган экен:

Эшек уруп, ит уруп,
Канатбек кетти кутуруп.
Айдаган калат кутулуп,
Учкашкан Ташбай тутулуп.
Ал эшеги эле Эшимдин,
Эшимдин берчү кешигин.
Эшимим эми арманда,
Эшеги өлүп калганга.
Буйтаймын деп балчыкты,
Уруп кетти канчыкты.
Учуп түштүк оңколоп,
Түшкөн жерден кан чыкты.
Каттуу урган экенбиз,
Канчык иттен жан чыкты.
Кайсынысы күнөөлүү,
Канатбекпи, канчыкпы?...

* * *

Кербенге барганда Ташбай акеден Абдыкени сураса:

Күрөң уй турат өңүттө,
Көп торпогун жагызып
Абдыке жүрөт Таң ташта,
Шилекейин агызып.
Касыкеми сураса:
Касыкем Кулан куйрукта,
Кудайдан келген буйрук да
Жүгүрөт дейт «соём» деп,
Жүгөрү жеген уйду укса – деп жооп бериптир Ташбай.

Ташбайлар достору менен эс алганы жайлоого барышат. Кой союлуп, баш кайкаланат. Башты жууп тзалоону бир айымга тапшырышат. Ал башты жууйм деп сууга агызып жиберет.

Ошондо Ташбай:

Маңдайыбыз бийик тоо,

Айланабыз аско-зоо
Башты болсо агыздык,
Кетели эми эсен-соо – деп ырдаган экен.

Ысак агайдан:

Өрөөн ичи кенен Алайкуудан тар капчыгай ичинде жайгашкан Коңдук деген айылга күлүктүгү, жорголугу менен аты чыккан Кара жоргону сатып алып кетишет. Саяпкери келишкен эмеспи, же жери тардык кылганбы, айтоор аттын атагы чыкпай калат.

Бир улак тартышта көңдүктөр:

- Эй, алайкуулуктар, кара жорго, кара жорго дечү элеңер, тигине улак тарта албай калды, жөнү жок эле мактай берет экенсиңер! – деп бакылдашат.

Ага намыстана түшкөн Ысак агай:

- Эй көңдүктүк туугандар, угуп тургулачы, силердин асманы бир гектар, жериңер жарым гектар болсо, үчүнчүсүндө калкты аттайт эле жыгылат да дептир.

Мектеп директору болуп иштеп жүргөн кезде конторуна чарба жетекчилеринен бирөө кирип:

- Ысак аке, райондон текшерүү келатыптыр, айтып кой дешти – дейт.

- Ии жакшы экен – деп коюп, эч камырабай башка иштер менен алек болуп жүргөн директорго жанагы чарба жетекчиси дагы келип:

- Сиздин мектепке текшерүүчүлөр келатыптыр, ботом тоготпогонуңуз кандай, коркпойсузбу – дейт.

- Текшерүүчү келсе келе берсин, текшеришсе текшере берсин. Мына балдары! Мен аларды союп жеп албагандан кийин эмнеге коркмок элем. Колхоздун малын союп жеп алган сен корк текшерүүчүлөрдөн – дептир кебелбей.

* * *

Каракулжадан чыккан куудул Кочкорбай беш-алты адам менен аттуу келатыптыр. Бир жерге келип, токтоп аттарын сугарышат. Ошол маалда алардын жанындагы терекке сагызган учуп келип конуп шакылыктайт:

Атчандардын бирөөсү:

- Э Кочкорбай парандалардын тилин жакшы билчү элең, сагызган эмне деп жатат – дейт.

Анда Кочкорбай:

Сагызган Асек байдын тамагына сөөк тыгылып өлөт – деп айтып жатат – дейт. Беркилер угуп, унчукпай тим болушат. Ошол күнү кечинде Асек байдын тамагына сөөк тыгылып каза болгону бүткүл айылга маалым болот.

# Казак азилдери

Бузурманкуловдун котормосунда:

Чынгыз Султандын ат кумар Жакып деген баласы Акандын айлына кайра-кайра келип, Кулагерге кадыр сала берген экен. Ал жабышып болбогон соң Акан:

- Акындыктан, Орунбайдын султандык менен сенин атаңдын даңкы чыкты. Күлүктүгү менен кулагердин аты чыкты. Ушул сөзүмдү баргын атаңа айт. Андан Кулагерди ала гой – дептир. Жакып кубанган бойдон келип, атасына Акандын сөзүн айтканда:

- Ай, акылсыз балам ай! Бул Акандын: «Кулагер мао болсо да, мага султан атаң менен барабар» - дегени эмеспи. Бирөө атаңды сураса берет белең - дептир Чынгыз.

Ошондон кийин Жакып Акандын айылынын ченине жолобос болгон экен.

Молдо чачын алдырмак болуп, селдесин бир чарбакер адамга берип:

- Мына мобуну кши баспай турган жерге кой дейт.

Берки киши селдени алып барып иттин богунун үстүнө коет.

- Ой айбан бул эмнең? – деп молдо ачууланат.

- Ээ, таксыр! Өзүңүз киши баспай турган жерге кой дебедиңизби, - дейт берки адам.

* * *

Бир келин кайнатасы өлгөндө:
Абалап учкан ылаачын,
Ылаачын жаяр кулачын.
Атамды алган кудайдын,
Келини мендей ыйласын – деп кошкон экен.

* * *

Илгери бир зериккен молдо койчуну мыскылдагысы келип:

- Кимдин кулусуң? - деп сурайт.

- кудайдын кулумун – дейт койчу.

- Кимдин үмөтүсүң? Койчу билбей такала түшөт.

Молдо:

- Пайгамбардын үммөтүмүн дебейсиңби, баччагар! Пайгамбар эми сени үмөтүм деп санабайт тозокко түшөсүң! – десе койчу кебелбей:

- Аржагындагы чоң кудайың өзү мени кулум деп турганда, пайгамбарың үмөтүм эмес деп айтыш үчүн алына карасын – дептир.

* * *

Өткөн заманда Сейдакмат аттуу кедей жигит Пиралы деген байдын үйүнө кире калат. Көшүлүп сүйлөп отурган үй ээси чогулган элдин көзүнчө:

- Кудайда тырмактай дагы адилеттик жок. Бирөөнө үйүр-үйүр жылкы, миңдеген кой берет. Ал эми Сейдакмат байкушка жалгыз жоор чобурдан башка түк буюрбаптыр – деп калат.

- Кол жетпеген кудайдын мына жанаша отурган өзүң жакынсың, бирөөгө жакшылык кылуу сенин да колуңдан келет. Кана мырза болсоң, бир үйүр жылкыны алдыма салып айдатып жиберип, кудайды бир уялтчы – дептир Сейдакмат.

* * *

Молдо үйүндө тоок, жумшак челпек, кою каймакты алдына коюп жейин деп турганда. Бир шакирти кирип калат

Ага меймандос көрүнгүсү келген молдо:

- Кел, тамакка кара, каалаганыңдан ооз тий – дейт Шакирт:

- Этти челпекке ороп, каймакка малып ооз тийейин деп дастор-

кон четине кыгыра отуруп алат.

* * *

Бир күнү төрт-беш адам тамак жеп отурса, эшиктен бир сугалак ит баш бага калат.

- Капырай, алиги итти кет десеңерчи, - дептир бирөөсү.

- Ээ, ал иттин эмне зыяны бар – дейт үйдүн ээси.

- Ой, бул шүмшүктүн тумшугу тамакты кырк кадам жерден сезет дейт го.

- Аны ким айтты?

- Молдолор айтышат.

Ошондо бир куудул жигит:

- Пай, пай, молдонун жытчылыгын ай, - деген экен.

* * *

Турар Кожомбердиевден:
Досалиев Эсенбек,
Догдурга келсе кеселдеп.
Коркутуптур догдурлар,
Чочоюну кесем деп.

Меңдибпй Мойдуновдон:

Зооветеринардык академиянын алдында адис лекция окуп жатат:

- Мыкты багылган бука бир күндө он эки уйга таштай алат. Биринчи катардагы аял өтүнөт:

- Ушул аныктаманы эң арткы катарга да угуза кайталап коюңузчу?

Эң арткы катардан чочуп кеткен эркектин үйү:

- Профессор тагыраак айтыңызчы, он эки жолу уйга урук таштайбы, же он эки жолу он эки уйгабы?

- Албетте, он эки жолу ар кыл уйга.

- Рахмат, анда биринчи катардагы аялга акыркы сөзүңүздү кайталап коюңкзчу?

* * *

Жаңы кыргыз менен юбкасы кыска кымча бел кыз маңдай-тес-

кей отуруп баратышты. Кыргыз тиги кыздын ак балтырын байкап калат:

- Элүү доллар берейин, этегиңди дагы өдөрөөк көтөрүп койчу – дейт кыз анын айтканын аткарып, элүү долларын алат да, акчага ансайын кызыгып кетип айтат:

- Эми кырк эле доллар берсеңиз кыздыгымдын алынган жерин көрсөтөм. Жигит кызга кызыга түшүп, жүз кырк долларды кыздын колуна кармата салып, андан да аркыны үмүттөнө баштаганда кыз жигитти көз ымдап чакырып, терезеден маңдайдагы чоң теректи көрсөтүптүр.

- Көрдүңүзбү?.. Ошол теректин түбүндө алынган. Ошондо кыргыз:

- Эч кимге айтыш жок. Сен меникин оңой эле алып койдуң - дептир .

* * *

Сатып алуучу дүкөнчүгө кайрылып:

- Мага сый көйнөк керек эле?

Дүкөнчү өзү кийип турган көйнөктү көрсөтүп:

- Ушундай көйнөк болсо жагабы?

Тиги:

- Ушундай болсо го боло берет, бирок мынчалык шакмары чыккан болсо жарабайт – дептир.

Орозбек Борбугуловдон:

- Айланайын догдур, бир айласын таппасаңыз болбойт, нан чайнасам тиштерим зырылдап ооруйт!

- Нанды астыңкы тиштериңиз менен эле чайнап жүрүңүз.

* * *

- Ай айбан, атамдын көзүнчө арак сунуп каласың да!

- Кечирип кой, мен…

- Жок, кечирбей эле аныңа алкыш айтмакмын! Бирок дагы бир жолу кыстап койсоң эмне, өлүп калат белең!

* * *

Көчөдө бараткан ата-бала «Ширин» дүкөнүнө жакындап кал-

ган кезде атасы балаына ачуулана баштады:

- Айткан сөздү укпай, тартипсиз болуп баратасың да балам… Жаагыңды жара чабайымбы?

- Эмне үчүн ата? – деп уулу коркуп кетип.

- Жолду карабай, түптүз эле кетп баратпайсыңбы. Мен сени тамекинин бүчөгүн издей бас дебедим беле.

* * *

Акын Бектуруш Салмаганиге аялы жаңы труси сатып берет. Жаңы трусини кийген эле күнү Бакең жок болуп, эртеси келет. Кечинде жатаар убакта чечинсе эле трусасы жок. Муну көрүп калган аялы катуу кысмакка алат. Ич кийимиң көңүлдөшүңкүндө калганын айта албай, Бакең аялына ану-муну айтып эптеп кутулат.

- Дагы бирар жерде түнөп калсам, унутуп кетип айыбым ачылып калбасын – деп сактанган Бакең ошондон кийин ич кийим кийгенди таштап коет, ишенбесеңер шымын чечип көргүлө, чочуп кетесиңер.

* * *

Силер «ход-дог» жедиңер беле? Эмнеге ачууңар келе түштү. Бул силер ойлогондой нерсе эмес. «Ход-дог» түрк тамагы.

Айылдан шаарга келген карыя тамактанганы ашканага баш багат. Ашпозчу ага минтиптир:

- Аксакал, «ход-дог» - жеңиз!

- Аны өзүң же, атаңдын оозуна урайын! Ага тойбой калсаң салаңдаган экөөсүн кошуп.

* * *

Маанакеден:

Бир залим бий:

- Маанаке, сени кишилерге кыйын ат коет дешет. Кана, мага да тартынбай, таамай-так ат коюп көрчү – дейт.

- Сиз күл челген сүзөнөөк көк бука көздөнүп турсаңыз, коркпой кантип ат кое алам – дептир Маанаке.

Маанаке автобуска түшсө, отурарга орун калбаптыр. Аны көргөн билет сатуучу кыз алдындагы жигитке:

- Ай жигит, кичи пейилдик кылып, аксакалга орун бощотуп бериңиз – деп өтүнөт.

Анда отурган жигит:

- Бул кишинин сакалы узун болгону менен менин чачым анын сакалынан узун – деп жооп берет.

- Отура берсин балас. Кыздын кырк чачы улуу эмеспи- деп Маанаке мыйыгынан күлүптүр.

Маанаке аялы менен уруша кетсе, аялы бетин тытып салыптыр. Ошол кезде сабаты жоюлган кишинин эсебин алып жүргөн агартуу өкүлү алардын үйүнө кирип калат. Ал:

- Кимиңер сабаттуу, кимиңер сабатсыз – деп сурайт.

- Аялым сабаттуу, мен сабатсызмын.

- Калп айтпа, мен кайдан сабаттуу болоюн! – деп аялы шашып кетет.

- Сен сабаттуу болбосоң бетиме мынтип кат жазмак белең- деген экен Маанаке.

Рамис Рыскуловдон:

Аялым мени бир жолу:

- Ушундан көрө кетип кал – деди.

Мен:

- Кетпейм, мен сени жашап кыйнайм - дедим.

Замандаштардын окуяларынан:

Өмүрбек Суваналиев менен Алымбай Султанов экөө мергенчиликке жөнөшөт.

- Жылуу кийим алдыңбы – дейт Суваналие.

-Алдым. Жети бөтөлкө.

* * *

Азамат Арапбаев үйүн ремонт кылмакчы болот.

Ылдый жактагы коңшулар ремонт жасап жатышкан. Барып сурачы, канча түрмөк обой алышты экен – дейт аялы.

Азамат ылдый түшүп сураса, тигилер жыйырма дешет.

Жыйырманы сатып алышат. Бирок ремонт бүткөндө алты түрмөк обой ашып калат.

Аапбаев жини келип, кошуналарына кайра барат:

- Чынын айтсаңар болбойбу, жыйырма түрмөк алсак, 6 түрмөк ашып калбадыбы.

- Биздики деле алты түрмөк ашкан.

* * *

Бүгүн кошунанын дүкөнүнөн эч нерсе сатып алба – дейт Хаджимурат Коркмазов аялына.

- Эмнеге?

- Себеби алар биздин таразаны сурап алышты.

* * *

Жаткандан көрө, эртең менен чуркасаң боло – дейт Жолдошбек Зарлыкбековдун аялы.

- Чуркасам ошол бойдон келбейм го.

* * *

Анарбек Калматов аялы Анара экөө филармонияга келишет.

- Токтогулдун «тогуз кайрыгы» аткарылат – дейт алып баруучу.

- Батыраак кийин десем болбойсуң - дейт Анарбек жини келип, - бирден сегизге чейинки кайрыктары өтүп кеткен турбаыбй.

* * *

Туулган күндү кандай өткөрөсүңөр, - дейт досу Эркин Алымбековдон:

- Ал эми кимдин туулган күнү экендигине жараша болот. Эгер аялымдыкы болсо, ресторанга барабыз. А эгер меники болсо, жөн гана календардын ошол күнүн кызыл сыя менен белгилеп коебуз.

* * *

Жоон топ депутаттар өткөн жайда эс алууну кантип өткөргөндөрүн сөз кылып отурушат.

- Мен Африкада бир ок менен пилди сулата аттым - дейт Эсенгул Исаков.

- А мен Арктикада бир ак аюуну колум менен муунтуп өлтүрдүм – дейт Феликс Кулов.

- Силер өлүү деңиз дегенди уктуңар беле дейт Анвар Артыков:

- Ооба, укканбыз.

- Ошону мен өлтүргөм.

* * *

Жашоо кандай? – деп сурайт Чолпон Султанбековадан курбусу.

- Жаман. Бир таанышым «пластикалык операция жасатам» - деп 5 миң доллар алд эле дале бере элек.

- Барып сурабайсыңбы?

- Тааныбай калсамчы? Азыр анын өңү кандай болуп калганын элестете албай да…

* * *

Төрөбай Исмаилов Сузак райондук гезитинде, Абдыразак Оморов Базар Коргон райондук гезитинде жооптуу катчы болуп иштешчү. Күндөрдүн биринде Абдыразак Оморов отпускага чыгып, эс алып ишке келет.

Абдыразак эс алуу учурунда кайын журту Кочкор жергесине барып эс алганын саймерделеп айтат.

Анын аңгемесин угуп отурган Төрөбай:

- Кыскасы Кочкордон качан чыктың - дейт.

Абдыразак:

- 20-сентябрда чыктым – деп жооп узатат.

- Февралга барып калат экенсиң - деп коюп Төрөбай сыртка чыгып, тамеки тартып туруп калат. Абдыразак чыгат артынан кызарып, татарып:

- Ой энеңди! Мени жайлаган турбайсыңбы! – деп опурулганда сөзгө күбө болгондор:

- Тамашага тан бериш керек – дешип, Абдыразактын демин басышыптыр.

Орус куудулдарынан:

Юлиан Шаховадан:

ШерлохХолм менен доктор Ватсон жүрүшкө чыгышты. Чатырды тигип, тамактанып жатып калышты.

Кокусунан Холм ойгонуп кетип:

- Ватсон, мынабу жылдыздар биздин чатырдын уурдалып кеткенин айтып жатышат.

Төрөт үйүнүн палатасы. Профессор кыдырып жүрөт. Кайсы

палатада наристелердин баардыгы бир күнү – 1-октябрда төрөлүшкөнүн көрүп таң калышат.

- Биз, бир компанияда жаңы жылда бирге тосконбуз – деп түшүндүрүштү.

Мектепте адабият сабагы жүрүп жатат.

- Дон Кихот кайсы тектен чыккан?

- Дондон…

Лев Дуровдон:

- Мага күйөөгө чыкчы?

- Макул – деп кыз жооп берет.

Бир топко чейин экөө унчукпай калышат.

Акыры кыз чыдабай:

- Эмнеге сүйлөбөй калдың - дейт.

- Ансыз деле ашыкча сөз айтып койдум - деп жооп берет жигит.

* * *

Биринчи жылы бирге жашаган мезгилде күйөөсү айтат: - аялы угат. Экинчи жылы аялы айтат: - күйөөсү угат. Ал эми үчүнчү жылы экөө тең айтып башашат, - коңшулары угат.

Виктор Шендеровичтен:

Наташа бешинчи мертебе күйөөгө чыгат, бул жолу жумушчуга. Буга чейин адвокатка, бизнесменге, футболист чемпионго, артистке чыккан болчу.

- Мен ыраазымын – деп курбусуна айтат.

Мыкты мужик! Мындан ары жалаң жумушчуларга күйөөгө чыгам!

Наталья Гулькинадан:

Мебель фабрикасынын диреткору Парижге командировкага барып келген соң көргөн –билгенин досторуна айтат:

- Укмуш шаар экен. Көчөлөрүн айтпа. Супермаркеттерине көз тайгылат!

- Айымдарычы?

Аларды айтып болбойт! Эркектердин оюн айттырбай эле билет экен. Мисалы, мен чакан ресторанга кирдим. Эмне дээримди

билбей дудук болуп отуруп калдым. Ал салфеткага рюмканын сүрөтүн тартат. Мен шампан куюп берем. Сигареттин сүрөтүн тартат, тамеки сунам. Бийлеп жаткан эки адамдын сүүрөтүн тартат. Бийге чакырам.

- Анан эмне болду?

- Анан ал дивандын сүрөтүн тартты.

- Анан сен эмне кылдың?

- Хым…м. Ушел кезге чейин түшүнбөйм, ал менин мебель фабриканын директору экенимди билип алганын…

Кристина Обракайтиден:

Студенттик жатакананын алдындагы күркөдө эки мент зеригип отурушат:

- Вань, негрлерди токмоктобойлубу? – дейт биринчиси.

- А эмнеге? – деп сурайт экинчиси.

- Алардын эти көгөрөбү же жокпу билгим келип жатат.

- Күйөом суукка урунуп калыптыр!

- Ага айтыңыз, көбүрөөк ичип, көбүрөк эс алсын.

- Эгерде сиздин берген кеңешиңиздин пайдасы тие турган болсо, күйөөм кандайча ооруп калганына түшүнбөйм.

Дмитрий Певцовдон:

Грузин армиядагы уулуна кат жазат:

- Уулум, йүгө келээр убактың болуп калды. Сага машине сатып берелиби же үйбү?

Уулунан жооп кат келет:

- Мага азырынча эч нерсенин кереги жок. Бир гана торопой сатып алып атын «Старшина Сидеренко» деп коюп койгула. Үйгө барганда мууздап салам.

Грузин Резо Москвадан командировкадан кайтып келип, финансы отчетун жазат. Жол кирeге мынча, мейманкага мынча, кыздарга 200 миң рубль.

Бухгалтер Гогия:

- Кыздарга отчетто каралган эмес. Ырас ошондой болуптур, копенсациялап коелу… Мык урганга 200 миң рубль – деп жазып кой – деген кеңешин берет.

Бир айдан соң Резо командировкадан келгенден кийин бухгалтерияга «Жол кире мынча, мейманканага мынча, мык какканга 200 миң рубль, балканы оңдогонго 500 миң рубль» - деген отчетун жазып берет.

Александр Домогаровдон:

Аюу балатынын түбүнө бир бөтөлкө арак бекитип, уурдап кетпес үчүн «балатынын түбүндө арак жок» - деп жазып илип коет. Кийинки күнү келсе, балатыда «кирпи аракты алган жок» - деген жазуу илинип туруптур.

Студент тарыхтан экзамен тапшырып жатат.

- Карл Маркс ким болгон?

- Карл Маокс кайтыш болгон! Аны бир мүнөткө эскерип коёлу комиссия ордунан туруп эскерет.

- А Ленин ким болгон?

- Ленин кайтыш болгон, анын иши жашай берет. Революциянын улуу жол башчысын бир мүнөткө туруп эскерелик! Профессор комиссиянын мүчөлөрүнө шыбырайт:

- «3» коюп койгулачы, болбосо «Интернационалды» ырдатканы турат, мен анын бир ган акуплетин билем.

Марат Башаровдон:

Грузин орустан бир кило май сатып алат үйүнө келип текшерсе, жарым кило болуп чыгат

Грузин орусту сотко берет. Сотто орустун жооп берип турган жери:

- Менин бир килолук гирим жок болгондуктан ушул грузинден сатып алган бир килолук мандаринди пайдаланган болчумун.

Грузиндер Франциянын вино продукцияларынын конкурсунан кайтып келишет. «Үч жылдыздуу» коньягы үчүн гана жалгыз медалга татыктуу болушат. Начальниги аларды чакырып алып ачууланып:

- Эмне үчүн «үч жылдыздуу» коньяк медалга татып, ал эми «беш жылдыздуу» коньяк сыйлыкка илинбей калды?

- Өзүбүз дагы түшүнбөй турабыз. Экөөнү тең эле бир бочкадан куйганбыз.

Сати Казановадан:

Эки эркек супермаркетте түртүшүп кетет.

- Байкабапмын, кечирип коюңуз! Аялымы жоготуп ийдим, жарым сааттан бери издеп жатам.

- Мен дагы аялмы жоготуп ийдим. А сиздикинин көрүнүшү кандай?

- Бойлуу, көкүрөгү келишкен бийик такалуу туфли, кыска юбка кийген. А сиздикичи?

- Меникин коё туруп сиздикин издейли.

Александр Масляковдон:

Түнкү саат үчтө эшиктин коңгуроосу чырылдайт. Күйөосү эшикти ачса өлгүдөй мас колготкасы айрылган бир туфли менен босогодо аялы турат.

Күйөөсү:

- Мен сени ушул кейпиң менен үйгө киргизет деп ойлойсуңбу?

- Сени урганым жок, гитарага келдим!

Валериядан:

- Бармагым менен бир басып кимиңердин болсо да кейпиңерди келиштирип коём!

- А-аа, сиз каратэ боюнча мастер ойшойсуз?

- Жок, мен фотографмын.

Владимир Кузминден:

Эл аралык викторинада француздан, неместен жана орустан сурашат:

- Аялдын кайсы мүчөсү эркек үчүн өтө жагымдуу?

Француз: - Жүзү.Биринчи эле көз караштан жүзү жагып калат.

Немес: - фигурасы.Аялдын организминин сымбаттуу фигурасы гана эркекти өзүнө тартат.

Орус: - Узун буттары. Дүкөнгө тез жүгүрүп барып бөтөлкө алып келиш үчүн эркекке узун буттуу аял гана жагат.

Борис гребенщиковдон:

Эки дос жолугуп калышат:

- Салам! Сенин язваң кандай?

- Эки жумага энесиникине кетти!

Александр Барыкинден:

Кичинекей уулу менен апасы курорттон кайтып келишет.Аялы күйөөсүнө айтат:

- Мен курортто мыкты адамдарды кезиктирдим. Мисалы Советтер Союзуну Баатыры менен тааныштым.

Апасынны сөзүн угуп отурган уулу айтат:

- Каяктагы Баатыр, ал жалгыз жаткнадан коркот турбайбы.

Константин Райкинден:

Эки аял таксиге отуруп, ушакташа кетишет:

- Кечээ Ивановдун туулган күнүнө үйүн бардык. Алардын аракка деле, ликерге деле стакандары бир экен!

- Ал эчтеке эмес. Мен кечинде Петровдордун үйүндө болдум. Балык берип, бычак бербей коюшпадыбы!

Айымдардын сөзүн угуп отурган таксист токтоно албай айтат:

- А менин сиздерге артымды салып отурганым эчтеме болбойбу?!

Александр Буйновдон:

Уулу сүйлөшкөн кызын үйүнө алып келип, апасына тааныштырат:

- Апа, бул жакшы кыз, тамак даярдаганда шилекейиңиз агат, пирогунун даамдуулугун айтпаңыз, бөлмолөрдү таза жыйнайт…

- Эң сонун уулум! Шейшемби, жума күндөрү келип турсун, күнүнө 30 рубльден төлөп берем!

Балдар майрамында:

- Кана эмесе балдар, биздин майрамыбыз ансыз өтпөгөн бирөөнү чакырабыз.

Балдар:

- Ми-ли-ци-я!!!

Алексей Глызинден:

Каалганын түбүндө Вовочка отурат. Бир киши келип, андан сурайт: - Атаң үйдөбү?

- Ооба, - деп башын ийкейт бала.

Ал киши коңгуроону басат, бирок эшикти эч ким айпайт.

- Атаңды үйдө дебедиң беле, эмне үчүн каалганы ачпай жатат? – деп ачууланат ал.

Билбейм. Мен бул жерде жашабайм.

Людмила Сенчинадан:

«Тез жардамга» - телефон чалышат:

Алло, «Тез жардамбы»: Жардам бергиле! Менин жашоомо максимум 54 гана екунд калды!

- Бир мүнөт күтө туруңузчу…

Лариса Голубкинадан:

Судья: - Уурулукту өзүңүз жасадыңызбы?

Күнөөкөр: - Ооба, озүм жасадым. Ушундай заманда бирөөгө ишенип болобу!

Жаш жубайы күйөөсүнө эркелейт:

- Айтчы кымбаттуум, дүйнөдө сүйүүдөн өткөн рахат барбы?
- Албетте, жок… Тамагың быштыбы жаным?

_ Чапаев ким болгон – деп сурайт тарых сабагынан берген мугалим эжейи Вовочкадан:

- Ал негр болгон!
- Кандайча негр?!
- Актарга каршы согушкан да…

Лайма Вайкуледен:

Түн бир убак. Каалга такылдайт.

- Бул ким?
- Ачып коюңузчу сүйлөшөбүз!
- Силер канчоосуңар?
- Экөөбүз.
- Эмнеге келдиңер?
- Ачсаңыз сүйлөшөбүз.
- Сүйлөшүп жатпайбызбы!...

Операция столунда официант жатат. Бөлмөгө доктор кирет. Официант:

- Доктор, жардам бериңизчи?

Доктор: - А-а сиз белеңиз, бул стол тейленбейт.

Валдис Пельштен:

Эки чукча тундрада адашып калышат, үйүнө кайтчу жолдорун таптакыр таба алышпайт. Бирөө айтат:

- Асманга атса, кимдир бирөө келип жардам берет дегенди уккан элем.

Дагы эки күндөн кийин экинчиси айтат:

- Атканды токтотолучу. Эч ким деле жардамга келбейт экен. Анын үстүнө жебеби дагы түгөнүп бара жатат.

Ирина Мирошниченкодон:

Эки орус чукчаны кармап алышат. Башын ылдый каратып, карга сайышат. Кайра сууруп алып сурашат:

- Акча барбы?

- Жок.

Кайрадан карга башын сайышат. Сууруп чыгып сурашат: - Алтын барбы? – Жок!

Кайрадан карга сайып сууруп чыгып сурашат:

- Бриллиант барбы?

- Жигиттер! Мага же маска бергилечи, же болбосо тереңирээк сайгылачы, болбосо акча дагы, алтынды дагы, бриллианты дагы көрбөй жатам.

Михаил Казановдон:

Жаңы орус Ямайкадан келип айтып турганы:

- Виски, пляж, күндүн ысыгын айтпа, туш тарабыңда купальникчен кыздар. Мен дагы лох эмесмин. Кычыраган кожо куртка менен норка шапка кийип алган!

Жаңы орус самалётко Германияга учуп баратат. Стюардесса жарыя кылат:

- Биздин самолет бир нече мүнөттөн кийин Баден-Баден шаарына конот.

Жаңы орус өзүнчө жактырбай күңкүлдөйт:

- Эмне эле эки жолу кайталап жатат? Лохтор учуп бараткан жок го…

Ринат Ибрагимовдон:

Сотто:

- Айтчы, уурулук кылып жатканда кары атаң жөнүндө ойлондуңбу?

- Ойлоном, бирок квартирада атама жаккан эч нерсе жок экен.

Григорий Гоголь Гориндэн:

Кечил бейишке түшүп калат. Бейиште эң урматтуу адам таксист экендигин көрөт. Ал мындай адилетсиздикке таарынып, Кудайдан сурайт:

- Мен бүтүндөй өмүрүмдү Кудайга кызмат кылуу менен өткөрдүм. Анан эмне үчүн эң урматтуу адам таксист болуш керек?

Кудай ага жооп берет:

- Бейиште, биз иштин жыйынтыгына карайбыз, айтчы, сен сыйынып жатканда кимдир бирөөлөр уктап жаткан жок беле?

- Болгон – деп кейип жооп берет кечил:

- А бул таксисттин арт жагында отургандардын баары Кудайга сыйынып жүрүшкөн…

Лидия Федосеева Шукшинадан:

Мужик жумушка кечигип келет. Фирманын директору чакырып:

- Эмнеге кечиктиң? – деп сурайт.

Аялымдын төрөтү оор болду.

Макул, барып иштей бер – дейт шефи.

Бир жумадан кийин Мужик кайрадан кечигип келет.

- Кайрадан төрөттүн айынанбы? – деп кызыгат шефи, - аялың эмне коён болуп калганбы?

- Жо-ок. Ал төрөт үйүндө акушерка.

Борис Моисеевден:

- Сага күн сайын гүл көтөрүп келчү жигитке эмне болгон?

- Ал гүл саткан кызга үйлөнүп алган.

Жигит кызына: - Сенден бир жумадан бери бир нерсени сурай албай жүрөм.

- Сенин сурооңо менин жообум бир айдан бери даяр болчу.

Кыз: - Менин чачымды ак басып калганда да мени сүйөсүңбү?

Жигит: - Албетте! Чачың кара, сары, кызыл, жашл болгон учурда деле сүйүп жүрбөдүм беле!

Анна Резниковадан:

Бир киши жаңы таанышкан кишиге аялдардын сүрөтүн көргөзөт:

- Мына бул айымдардын ар бири менен санаторияда махабатка батып жүрдүм.

Экинчи кишши сүрөттөрдү карап жатып, өзүнүн аялынын сүрөтүн көрүп, тынчсызданып сурайт:

- Бул аял менен дагыбы?

- Чынымды айтсам, бул аял адептүү экен: ал күйөөсү менен келип, күйөөсү менен гана жүрүп кетип калды.

Деңиздин жээгинде жаш айым жардам сурап кыйкырат:

- Жардамга, чөгүп бара жатам!

Ага карай бир жигит жөнөп калат.

Айым:

- Сизди чакырган жокмун, сиздин артыңызда нейлон плавкачан жигитти чакырып жатам!

Лайма Вайкуледен:

Дүкөнгө шашкалактаган айым келип сурайт:

- Мага капкан берип коюңузчу, жртерээк, автобус кеткени турат!

- Кечиресиз, бизде андай чоң көлөмдөгү капкан жок.

Мужиктен сурайт:

- Жердин формасы кандай?

- Тегерек.

- Аны кантип далилдейсиң?

- Мейли төрт чарчы деле боло берсин, мен ага каршылыгым жок.

Мужик өрт өчүргүчкө телефон чалат:

- Жардам бергиле! Үйүм күйүп жатат! Тезирээк келгиле!

- Сиздикине кандайча барабыз?

- Ошону да билбейсиңерби? Чоң кызыл машине менен!

К. Георгиадиден:
Кайнатасы акыркы сапарга узап бара жатат…
- Күйөө баламды чакырчы, коштошуп калайын. Күйөө баласы бир бөтөлкө арак көтөрүп кирип келет:
- Кана ата, акыркы жолу жүздөшүп койбойлубу?

Сергей Прохановдон:
Бай банкир атактуу сүрөтчүнү өзүнүн альбомуна сүрөтүн тартып берүүнү өтүнөт. Сүрөтчү анын өтүнүчүн аткарып, бул үчүн заказчиктен 5000 сом сурайт.
- Кандайча? – деп таң калат банкир. – Сиз беш эле мүнөттүн ичинде тартып койбодуңузбу?
- Туура – деп жооп берет сүрөтчү. – Бирок беш мүнөттүк иш үчүн отуз беш жыл окуп, үйрөнгөн болчумун.

Андрей Губинден:
Мужик төлгөчүгө барат:
- Аялым кошунам менен соо эмеспи – деп ойлойм.
- Эмне үчүн шектенип жатасың?
- Кечээ жумуштан келсем аялым үйдө жок экен. Балкондо кошунам ыштанчан тамеки чегип туруптур.
- Анын эмнеси бар экен?
- Себеби ал аялымдын ыштанын кийип алыптыр.

Вера Алентовадан:
Мужик төрөт үйүнө келип, терезени карап, өзүнчө эле жыргап элжирей берет. Бир аздан соң жанында турган досун түрткүлөйт:
- Карачы, карасаң, күлүп атат!
Досу:
- Койсоңчу Вася, сени карап да койгон жок го!
Мужик:
- Петя, мен медсестраны айтып жатам!

Екатерина Андреевадан:
Эки кемпир поездде сүйлөшүп жатышат:
- Каякка баратасың?

- ОМСКиге.
- А мен ОМСКиден келатам…

Михаил Шуфтинскиден:
Чукча футболдон келе жатат. Экинчи чукча жолугуп калып сурайт:
- Эсеп кандай?
- Эки нөл.
- Ким утту?
- Кандай түшнбөйсүң? Тигилердики да нөл, булардыкы да нөл болду.

Дмитрий Певцовдон:
Мужик жаш жигитке ачууланат:
- Сен акмак, эмне үчүн кечинде караңгыда менин кызым менен өбүшүп жаттың?
- Бүгүн эртең менен жарыкта кызыңызды көргөндөн кийин мен дагы ушул суроону өзүмө берип жатпаймынбы…

Офистин кызматкери гезиттен бир нерсени кесип алып жатат.
- Эй, Саша! Аны эмнеге кесип жатасың? – деп сурайт кесиптеши.
- Бул гезитке чөнтөгүн аңтара берген аялын күйөөсү кантип өлтүрүп койгондугу жөнүндө заметка чыгыптыр.
- Аны эмне кыласың?
- Өзүмдүн чөнтөгүмө салып коем.

Наталья Гулкинадан:
Математика сабагында мугалим эжейи Вовкадан сурайт:
- Кана эсептечи, эгерде апаң 145 сомго көйнөк, 825 сомго куртка, 230 сомго туфли алды дейли, жыйынтыгында канча болот?
- Жыйынтыгындабы? Атам менен чоң чатак чыгат!

Күйөөсү жумушта кармалып, кечигип калат.
Аялы өтө тынчсызданат:
- Мүмкүн ал ойношунукуна кетип калгандыр? – дейт кошуна аял.
- Сен дайым эле жаман нерсени ойлой бересиң. Мүмкүн ал ма-

шинага урунуп алсачы?!

Кристина Орбакайтиден:
- Мария эмне үчүн гезитти муздаткычка салпып койгон?
- Анткени, жаңылыктар жапжаңы бойдон турсун үчүн.

Аялы жумуштан кеч келген күйөөсүнүн костюмун көңүл коюп карап чыгат. Аялдын бир да тал чачын таппай коюп, айтып турганы:
- Албетте, сен таз келиндерден да кыя өтпөйсүң!

Апасы кичинекей уулун операга ээрчитип келет.
- Апа, эмне үчүн тигил байке эжени таяк менен коркутуп жатат?
- Коркуткан жок, уулум. Ал байке дирижерлук кылып жатат.
- Анда эмне, тиги эже каттуу кыйкырып жатат.

Евгений Стекловдон:
Жигит ангина менен ооруп калып, тамагы бүтүп докторго телефон чалып шыбырайт:
- Доктор үйдөбү?
- Жок, доктордун аялы дагы шыбырап жооп берет:
- Эртерээк келип кетиңиз…

Күйөөсү аялына автоунаа айдаганды үйрөтүп жатат.
- Мен эмне кылышым керек?
- Эгерде жашыл жарык күйсө -деп түшүндүрөт күйөөсү, - айдашың керек. Эгерде кызыл жарык күйсө токтошуң керек. А эгерде менин өңүм кубарып кете турган болсо, ойлонбой туруп тормозду бас.

Вахтанг Кикабидзеден:
- Мына сизге дары, күнүнө эки чай кашык менен ичиңиз.
- Үйүмдө эки эле чай кашыгым бар да!

Аялы катуу ооруп, үйүнө врач чакырат.
Врач аял ооруп жаткан бөлмөгө кирип, күйөөсүн сыртка чыгарып жиберет. Көп өтпөй, сыртка чыгып, балка сурайт. Бир аз

убакыттан кийин тешкич сурайт. Андан соң бурагыч, кычкач… Күйөөсү акыры тынчсызданат:

- Доктор, сиз аялымды эмне кылып жатасыз?

- Сиздин аялыңызды эчтеме кылган жокмун. Инструмент салынган чемоданымды ача албай жатам.

Владимир Винокурдан:

Ресторанда отурган адам официанттан сурайт:

- Коктейлдин составында эмнелер бар?

- Кант, сүт жана ром.

- Даамы кандай7

- Эң сонун! Кант – бул күч. Сүт – энергия1

- Ромчу?

- Ром – күч-кайрат менен энергияны багыттоочу ой.

Жаш жигит дин кызматкеринен сурайт:

- Айтыңызчы, кыз менен уктаган бул күнообү?

- Албетте, жок. Бирок, силер, жаштар, уктабайт экенсиңер…

Латвия менен Литванын ортосунда куралдуу чыр-чатак болуп жатат. Латвиянын башкы командачысы эстондук коллегасына телефон чалат:

- Силердин эки таңкаңар бар эмеспи. Бизге карызга берип туруңузчу.

- Бирөөнү гана бере алам!

- А эмнеге бирөөнү гана?

- Анткени, экинчисин латвиялыктарга карызга берип койбодукпу?

- Сиз эмне, икраны кашыктап жей баштадыңызбы?

- Колум кир болуп жатпайбы.

Валерий Леонтевден:

- Чоң эне эмне үчүн жер айланып жатат?

- Ой, оңбогур, кайра дагы атаңдын коньягын ичип алдыңбы?

Армияда:

- Иванов!

- Мен мында.

Петров!

- Мен мында.

- Үч миң отузунчу!

- Жымжырт.

- Үч миң отузунчу!

Катардан грузин чыгат:

- Жолдош генерал, мен сизге айткан болчумун, менин фамилиям Зозо!

Александр Розенбаумдан:

Аялы күйөөсүнөн сурайт:

- Кызык, эмне үчүн сен ат чабышта таптакыр утпайсың да, ал эми картага келгенде эле жолуң боло калат?

- А сен атты жеңдин ичине салып жибергенди көрдүң беле?

- Бул эмне деген акмакчылык! – деп квартирант өзүнүн кожойкесине наараазы болот: - Мен сиздин үйүңүздө жарым жылдан бери жашап жатам, сиз болсо мында ваннанын жок экендигин бүгүн гана айтып жатасыз!

Вячеслав Тихоновдон:

Франция Париж светофордун кызыл жарыгына машина келип токтойт, рулда суйкайган сулуу айым. Светафордун сары жарыгы күйөт… жашыл жарыгы күйөт… Кайрадан кызыл жарыгы күйөт. Машина ордунан жылбайт. Полицейский келип, честь берип, кызыгып сурайт:

- Мадам, сиз кандайдыр бир башка жарыкты каалап жатасызбы?

Вячеслав МАлежиктен:

- Кошуна келин менен өбүшүп жатканыңды аялың көрүп калганда эмне болду?

- Эч теме болгон жок. Баары бир маңдайкы эки тишимди суурутушум керек болчу.

Надежда Бавкинадан:

Күйөөсү:

- Алтыным, каалайсыңбы, асмандан жылдыз алып берейин.

-Эч кандай жылдыз-мылдыздын кереги жок! Бүгүн үйдөн жыбай отурасың!

Күйөөсү наараазы болот:

- Бул эмне деген тамак?! Таптакыр эле эти көрүнбөйт ко!

- Чоң энемдин кулинардык китебиндеги рецепт боюнча даярдаган болчумун.

- Анда эмне деп жазылыптыр.

- 20 тыйынга эт сатып алгыла – деп.

Никулинден:

2001-жыл. Санкт-Петербурда жалгыз еврейка – Аврора Крейсер калды.

Чөгүп бараткан адам кыйкырайт:

- Хелп ми!

Жеекте баарына байкоо салган одессит турат. Экинчи бирөө келип сурайт:

- Ал эмне деп кыйкырып жатат?

- «Мага жардам бериңиздер».Бүткүл Одесса сүзүштү үйрөнгүчө бул англис тилин үйрөнүптүр.

Наташа Королёвадан:

- Аялым ачууланып кыйкыра баштаганда эле, тып токтото турган ыкмам бар – дейт бирөө досуна.

- Мага да айтчы.

- Ал кыйкыра баштаганда «Алтыным, балыкта тиш болобу, же тиш балыкта болобу», же болбосо «акылдуу башка ак чач чыгабы, же чача акылдуу башка чыгабы» - деген сыяктуу.

- Анан эмне болот?

- Анан ал кыйкырганын токтотуп ойлонуп калат…

Филипп Киркоровдон:

Мугалим окучуларына текшерген диктанттарын кайрып берет:

- Ковальский эмне үчүн сенин орфографиялык каталарың жанында отурган Ивановдун каталарына окшоп калган?

- Анткени бизди окуткан мугалимибиз бирөө да.

Аялдардын көңүлүн алыш үчүн эмне кылуу керек?
- Комплимент айтыш керек…
- Ийилип колун өбүш керек…
- Алардан акча аябаш керек…
- Белек, гүл бериш керек…
Ал эми эркектердин көңүлүн алыш үчүн эмне кылуу керек?
- Чечиниш керек…

Эгерде күйөөсү машинасынан түшө калып, айланып барып эшигин ачып, аялына жардам берсе, анын эки гана себеби болот:
- кандайча?
- Же жаңы машина, же жаңы аял алган.

«Жаңы орус» жумуштан келет. Аялы капаланып тосуп алат:
- Үй кызматкерибиз кетем деп жатат, сен телефондон өтө эле орой сүйлөп коюптурсуң.
Күйөөсү таң калат:
- Ал сен эмес белең?!

Дмитрий Добровдон:

- Доктор, 80ге чыгып калсам дагы кыздардын артынан чуркай берчү болдум.
- Эмне экен, эң сонун!
- Бирок, эмнеге чуркап жатканымды билбейм.
- Жаңы жигитиң менен мамилең кандай кызым!
- Жакшы, чынын айтсам кээде болбогон майда нерселер үчүн деле талашып, тартышып кетебиз.
- Кайсы?
- Мисалы, үйлөнүү тоюнда мен ак костюм кийгим келет, ал болсо таптакыр үйлөнгүсү келбейт.

Жамбылдан:
Жамбыл Жаныбекке арызданып жатат дейт:
- Билесиңби, түндө аябай азаптуу түш көрдүм.
- И, кандай?
- Ээн аралда Айчүрөк Иманалиева, Гүлнур Сатылганова, Али-

на Жетигенова болуп деңизге түшүп, сайран куруп жүрүптүрмүн!

- Укмуш түш турбайбы! Жалаң сулуу ырчылар… Эч ким жок… Жалгыз эркек. Анан эмнеге наалйсың?

- Мен Асел Турдалиева болуп калыпмын…

Студенттик турмуштан:

Зоопаркка биринчи жолу келген студент кызматкерден сурайт дейт:

- Тиги тордун ичинде отурган жырткычтар адам жейби?

- Жээрин жейт дечи, бирок өкүнүчтүүсү, штатыбыз кыскарганына байланыштуу азырынча чочконун этин берип жатабыз.

Окутуучу студенттерге металлдардын касиетин түшүндүрүп жатат:

- Мынакей, азыр мен алтын тыйынды кислотага салып жиберем.

- Кана, ким айтат, тыйын эрийби же эрибейби?

- Жок, эрибейт.

- А эмне үчүн?

- Эгер эрисе, сиз алтын тыйынды кислотага эч качан салмак эмессиз да.

Студент Самат бир күнү эле сабакка келбей калбайбы.

- Эмнеге келбедиң кечээ? – дейт агайы.

- Жатаканамдан шымымды уурдатып жибердим.

Көп өтпөй эле Самат сабактан дагы калат.

- Ии, дагы эмне болду? Суроо салат агайы.

- Сабакка келе жатсам, сиздин үйүңүздүн балконунда жуулган шымыңыз илинип турган экен, кайра жатаканага кетип калдым.

Бир студент ашканага кирип келип:

- Эже, мага жарым кило колбаса берип коюңузчу – дейт.

Бери жакта отурган студенттер таң калып, тигини карап калышат.

- Анан эже, элүү вилка берип коюңузчу – деген экен.

* * *

Профессор Энштейн илимий конференцияда доклад жасаган-

дан кийин андан сурашат:

- Доклад жасоодо сизге эмнеден кыйынчылык болду?

- Менин алдымда чыгып сүйлөгөн жентельмендин сөзүнөн кийин уктап калган залды ойготуу бардыгынан мага кыйын болду, - деп жооп бериптир Энштейн.

Юлия Меньшовадан:

Эки чукча кезигип калышат. Бири экинчисине:

- Эгерде менин бугуларым канчоо экенин таап алйсаң, экөөнү сага белекке берем, - дейт.

Экинчиси:

- Мүмкүн бешөө болуп жүрбөсүн? – дептир.

Күйөөсү үйүнө келип, стол үстүндөгү жазууну көрөт: «Түшкү тамакка балык, кайырмак бурчта турат».

Юрий Куклачевдон:

Аялы күйөөсүнө айтат:

- Деги айтмайынча билбейсиң! Апам келсе таптакыр көңүл бурбай койдуң. Апамды кайсы бир жакка алпарсаң боло…

- Андан эмне чыкмак эле? Апаң баары бир жол таап кайра келип калат!

Дмитрий Маликовдон:

Сотто тергөөчү күнөкөрдөн сурайт:

- Сиз өзүңүздүн күнөөлүү эмес экениңизди аныктай аласызбы?

- Ооба, бирок мага ойлонуш үчүн убакыт бериңизчи?

- Макул, мен сизге ойлонууга беш жыл берем.

Врач оорулууга спирт ичимдигин таштап, сүт гана ичүүгө кеңеш берет. Ал сүттү үч күн араң ичип, төртүнчү күнү айтып турганы:

- Мен эми билдим, эмчектеги бала эмнеге эле чыр салып ыйлай берет десе:

Михаил Бояпскийден:

Күйөөсү телевизордон хоккей матчын көрүп жатат. Эң кызыктуу жерине келгенде кокустан аялы чаң соргучту иштетип жибе-

рет.

- Сен эмне кылып жатасың? – деп ачууланып кыйкырат күйөөсү.

- Оюн аянтчасын бир аз тазалап коёюн…

Вячеслав Добрынинден:

Петровду жумушка алып жатып, фирманын жетекчиси сурайт:

- Айтыңызчы, сиздин чоң энеңиз барбы?

- Жок.

Жакшы экен. Сизден мурда иштеп кеткен кызматкрелердин чоң энелери өлө берип тажатты.

Юрий Шевчуктан:

Иван Иваныя кийим прилавкасына келип, сатуучудан сурайт:

- Сизде эркектин туфлиси барбы?

- Жок.

- А аялдыкычы?

- Аныкы да жок.

- Балдардыкычы?

- Сиз эмнеге эле жабышып калдыңыз?

Бул жер маалымат бюросу эмес, бут кийим прилавкасы!

Ал көп жылдар бою идеалдуу айымды издеп жүрдү. Акыры аны тапты. Бирок ал айым көрсө идеалдуу эркекти издеп жүрүптүр…

Вера Новиковадан:

Токойдо коёнду тергөөчү кылып дайындашат. Ал түлкүнү чакырып суракка алат:

- Кимдин шубасын кийип алгансың?

- Өзүмдүкү эле.

- Ишенбейм, уурдап алгансың го. Ошентип түрмөгө камап салат, түлкү отурган жерге бир аз күндөн кийин каз кошулат.

- Каз, сени эмнеге камашты, - деп сурайт түлкү.

- Коёндун кылганы да. «Жыл сайын түштүккө кайсы акчага учуп барып жүрөсүң» - деп жатат.

Алексей Гуськовдон:

Жумуштан келген күйөөсү аялына:
- Биздин холдинг борборубуз кассир издеп жүрөт.
- Силер кассирди өткөн жумада эле албадыңар беле?
- Мына ошол кассирди издеп жүрөбүз.

Виктор Мережкодон:
Пациент стамотологдун кабыл алуусунда отуруп, кокустан эле кыйкырып жиберет:
- Доктор, сиз менин оорубаган тишимди жулуп алдыңыз!
Врач кебелбестен жооп берет:
- Тынчсызданбаңыз, ооруган тишиңизге да жетебиз!

Татьяна Овсиенкодон:
- Апаке, сиз мени каяктан төрөгөнсү?
- Капустанын арасынан.
- Колянычы?
- Картөшкөнүн арасынан.
- А Сашанычы?
- Чөптүн арасынан.
- Биздин атабыз кандай акмак! Сизди огородду аралатып эле сүйрөп жүрө берген го?

Радиодон эртең мененки гимнастиканы берп жатканда физкультура менен машыгасыңбы?
- Албетте, бирок биринчи гана көнүгүүнү жасайм.
Ал кайсы?
- «Форточканы ачкыла» - деген.

Георгий Женовдон:
Мас ГАИШник самосвал машинаны токтотот…
- Мужик! Мен сенден бешинчи мертебе сурап жатам! Машинаңдан эмне куюлуп жатат?
- Жолдош капитан! Мен сизге бешинчи мертебе жооп берип жатам! Жол тайгак… кум төгүп жатам…

Ирина Аллегровадан:
Врач тамагына суук тийип калгандыктан, кирип келген пациентке шыбырап айтат:

- Тезирээк чечиниңиз?
Ал пациент дагы шыбырап сурайт:
- А сизчи?

Алексей Булдаковдон:
Эки дос жолугуп калышат:
- Кана айтчы, Миша эмне жаңылыгың бар?
- Билесиңби, Коля, аялымдын кайрадан боюна болуп калды.
- Койсоңчу? Ал үчүн кимден шек санап жатасың?

Чоңколордон:
Өткөн кылымдын элүүнчү жылдары бир адам чоңколордун айлына башкарма болуп дайындалып, ал жакка ишке жөнөп калат. Жолдо аттуу баратса, бир жаш кыз арыктан суу алып жаткан болот:
Башкарма:
- Кызым, суу берчи – дейт.
Кыз үйүнө чуркап кирип, банка алып чыгып, ага суу толтуруп башкармага берет. Сууну ичип бүткөн башкарма:
- Кызым, банке колуман түшүп кетип сынып калса эмне болот эле – дейт.
Кыз токтолбостон туруп:
- Ай ава, инимди гүлтүксүз калтырмаксыз – деп жоор берет. Чоңколордун кичинекей кызынан уккан сөзүм ушул болсо, менин башкарма болуп иштешимин кажети жок экен – деп атын буруп иштебей кете берген экен.

* * *

Чоңкодон сурашат:
- Силерде акча маселеси кандай?
- Абдан жакшы, бирок көптөн бер көрүнбөй калды.

* * *

- Эшектин баасы неге мынча көтөрүлүп баратат? Деген суроого Чоңко жоор бериптир:
- Оомат келсе ошондой болот, ал азыр трактордун ордуна айыл чарбасын көтөрүп жатат.

* * *

Чоңконун небереси:

- Чоң ата, кайда баратасыз?
- Жумушка уулум.
- Аяктан эмне алып келесиз?
- Эмне беришсе, ошону алып келем.
- Кана, ошол бергени?!

* * *

Жаныжок жаңжаңдап мактанып калды:

- Биздин айылдагы археологиялык казууда он жетинчи кылымга таандык телефондун зымдары табылды. Демек, ошол кылымда менин чоң атам хандык кылып турган зонада телефон байланышы болуп турган. Бул биз үчүн тарыхый зор сыймык.

Жаныжок оозун жаба электе Чоңко зыңк этти:

- Ой, Жаныжок, жалмаңдабай эле кой, биз тарапта андан мурда эле зымсыз байланыш болгон экен. Археологдор биз жактан андай жымдарды тапкна жок.

* * *

Райондун акими айтып атпайбы:

- Парага сак болгула, эгер колго түшсөңөр мен кийлигишпейм… Салыкчы Чоңконун күңкүлдөгөнү:
- Сак болбой, бирөөгө алдырып жибермек белек угуза айтканы:
- Бул маселеге сиз кандай мамиле кыласыз?, биз да ошондой мамиледебиз…

* * *

Шаарда көпкө жүрүп кайра кайткан катынын Чоңко сурайт:

- Калаада кененчилик дешти эле?..
- Айта көрбө, мамлекеттик магазиндерде сатуучудан башка эч ким, эч нерсе жок. Базарларында бир эле түрдүү товар жүз жерде сатылып жатат. Сатуучулары – катындар, калганы карыптар жана майыптар. Сага окшогондору араба сүйрөп жүрөт. Эми мени ээрчисең, ошолорго алып барып кошуп коём.
- Ээрчибей калайын, күндөшүңө кандай белек ала келдиң?
- Кандай күндөш?
- Сен жокто сенин ролуңду аткара турган эле күндөш!

# Мугалим менен окуучудан

Мугалим окуучудан сурайт:

- Кана айтчы, эмне үчүн согуштан кийин элдин саны дүйнө жүзүндө өсүп кетти?

- Анткени, жоокерлер согуштан кайтып келди да – дептир тапан окуучу.

* * *

Бизге ай жакынбы, же Африка жакынбы?

- Албетте, ай жакын агай.

- Эмне үчүн, антип ойлойсуң?

- Бул жерден айды көрсөң болот, а Африка көрүнбөйт да.

* * *

Класска келээри менен жерде жаткан чылымдын калдыгына көзү түшкөн мугалим:

- Бул кимдики? – дейт окуучуларды карап.

- Сиздики агай – дейт балдардын ичинен бир тапаны.

- Эмне үчүн меники?

- Эмне үчүн дегенде аны сиз биринчи көрбөдүңүзбү?

* * *

Сабыр айтчы, Бишкектен учкан самолёт түз келеби, же ток тез келеби? – десе.

- Агай, ток зымдан чайнекке, андан зым карага ларга өтүп барганча, самолет түз эле учуп келип калбайбы – дептир Сабыр.

Мугалими:

- Бир суткада канча саат бар?

Окуучу:

- Жыйырма эки.

Мугалим:

- Эмне үчүн?

Окуучу:

- Өзүңүз жакында эле күн эки саат ка кыскарлы дебедиңиз беле…

* * *

Кайрадан мугалимиң сага арызданды.

- Мүмкүн эмес ата, себеби, бүгүн мен мектепке барган жокмун.

* * *

Асылбеков, Каримовага шыбырап айтып койгонуң үчүн «2» коем.

- Эмне үчүн эки. Мен Шаршенбековага да шыбырап айтып аткам. Демек «төрт» коесуз.

Мугалим: - Бүгүн класста канча окуучу жок?

Окуучу: - келгенинен башкалары жок да агай.

* * *

Мугалим: - Сен кечээ сабакка эмне келбей койдуң? Эмне бир нерче болдубу?

Окуучу: - Өзүңүз… ачык сабак болот дебедиңиз беле.

* * *

Мугалими6 – Асан, өткөн сабакты доскага чыгып, түшүнүгүңдү айтып көрчү?

Асан: - Досканын түбүнө туруп эле айтайынчы, чыкканда кулап кетем го.

* * *

Мугалим: - Балдар, силер чоңойгондо ким болгуңар келет?

Асан: - Мен врач болуп элди дарылайм.

Камчыбек – мен мугалим болуп балдарды окутам.

Таалай: - мен режиссер болуп, кино тартам.

Мугалим: - Азаматсыңар! А сенчи Мирлан?

- Мирлан: - Мен көзү ачык болом.

- Кокуй эмне үчүн?

- Себеби, кыздардын башын айлантам да.

* * *

Мугалим: Айбек сен орусча жакшы эле билесиңби.
- Албетте.
- Анда мынабу сөздү которчу.
Айта бериңиз.
- Кечирип кой, бир иттик менден кетти?
- Ерунда экен да прости от меня один собака ушла.

* * *

Сабак башталаарда Таштан жан талаша үй тапшырмасын аткарып жатат.
Аны байкаган мугалим:
- Таштан бул үй тапшырмасы болчу.
- Ооба, үй тапшырмасы , мектеп менин экинчи үйүм.

* * *

Алтынчы класстын окуучусу Алымбай география мугалими Каримбайдан сурады:
- Агай айтыңызчы? Эмне үчүн жылдан жылга Ысык-Көлдүн деңгээли төмөн түшүп баратат.
Агайы ачууланды:
- Олтур! Эң жөнөкөй нерсени билбейт. Сага география агайынан «эки» деген баа коюш керек. Көлдүн суусун бир жака жүктөп кетип жатат дейсиңби? Балыктар ичип жатышпайбы дептир.

* * *

Мугалим Мураттан:
- 1799-жылы кандай окуя болгон?
- Орус жазуучусу Пушкин төрөлгөн.
- 1912-жылычы?
- Пушкин 13 жашка толгон.

* * *

Адабият мугалими «Ажар» повестин көркөм окуп жатты.
Аңгыча бир окуучу классты жаңырта ышкырып жибербеспи.
Чочуп кеткен мугалим:
- Ай Асанов бул эмне деген шумдугуң? – деди ачууланып.
- Агай мен Ажар эжеге боорум ооруп, аны жегени келаткан карышкырларды чочутайын деген элем – дептир окуучу жер карап.

* * *

- Уулум, математикадан «2» деген бааны качан оңдойсуң?
- Билбейм апа, мугалим эч эле колунан журналын түшүрбөйт.

* * *

Мугалим класста карта ойноп жаткан окуучунун кулагынан чойду:

- Сени эмне үчүн жазалаганымды билесиңби? – деп сурады окуучудан.
- Билемин. Мен королду туура эмес жүрдүм эле – деди окуучу.

Биология сабагы мугалим окуучудан сурайт:

- Ким айтат? Алма жыйноо үчүн кайсыл мезгил ыңгайлуу?

Арткы партадан үн:

- Кошунанын ити байлануу учурда.

* * *

Эжеке:

- Вовочка, айталы шымыңдын бир чөнтөгүндө 15 миң сом, экинчи чөнтөгүндө 25 миң болсун. Бул эмнени билдирет.
- Бул деген мен чоочун шым кийип алган болом Марьиванна.

* * *

- Асанчик, эмнеге сабагыңды дагы даярдабай келдиң - деп сурайт мугалим эжейи.
- Апам менен атам утуру эле уруша беришип, жолтоо болушту.
- Апаңды көргөн болчумун, а атаң ким?
- Мына ушуну алар күн сайын чече алышпай жатышпайбы?

* * *

Мугалим окуучусунан сурайт:

- Эгерде бир кесим этти тогузга бөлүп, анын ар бир кесимин 8ге бөлсө, жыйынтыгында кандай болот?
- Фарш болот, эже!

* * *

Билесиңби уулум, атасы баласына айтат – жакында мектепти бүтөсүң, апаң экөөбүз сенин биздей врач болушуңду каалайбыз.

- Атаке, сиз жакшы билесиз го, мен жадагалса чымынды да өлтүрө албасымды.

* * *

- Бүгүн баа алдыңбы?
- Төрт алдым.
- Эмнеге «беш» алган жоксуң?
- Болгону төрт эле сабак болду…

* * *

Мугалим окуучудан сураптыр:
- Балтаев, Ата Мекен деп эмнени айтабыз?
- Ата Мекен деп – тоолорду, токойлорду, дарыяларды…
- Апендисиң сен Балтаев. Ата Мекен – бул сенин атаң жана апаң! Түшүндүңбү!
- Түшүндүм.
- Эмнени түшүндүң?
- Ата Мекен – бул менин атам жана апам экенин!

Мугалим башка бир окуучудан сураптыр:
- Тешеев, Ата Мекен деген эмне?
- Ата Мекен – бул Балтаевдин атасы жана апасы!
- Сен дагы апендисиң Тешеев. Ата Мекен деген бул дагы сенин атаң жана апаң! Түшүндүңбү!
- Түшүндүм.

Эмнени түшүндүң?
- Биз Балтаев экөөбүз бир тууган экенибизди!

# Баланын тили бал

Үйүнө келген кошуна аялды көрсөтүп атасы баласына:
- Эжекеңди өөп койчу?
- Өппөйм.
- Эмнеге?
- Өткөндө аны атам өпкөндө жаакка чапкан.

* * *

Жаш кыз үйдүн жасалгасын көрүп туруп, апасынан сурайт:
- Ушулардын баарын атам иштеп тапканбы?
- Ооба, кызым, бул үйдө сенден башканын баарын атаң тапкан.

* * *

- Бекташ, ме сага 10 момпосуй. Жарымын иниңе бер.
- Ага үчөөнү эле берем.
- Эмне санаганды билбейсиңби?
- Билем. Ал билбейт да.

* * *

Атасы уулунан:
- Уулум, бала бакчада бири-бириңер менен урушасыңарбы?
- Ооба. Оюнчук талашып урушуп кетебиз.
- Анан кимиңер жеңесиңер?
- Тарбиячыбыз.

* * *

Түн ортосунда ыйлаган Бекташтын жанына апасы келип:
- Балам, сага эмне болду?
- Ыйлагым келип жатат.
- Мугалим, ыйлай бер.
Эки мүнөттөй ыйлап.
- Болду, ыйлап бүттүм, эми уктагым келип жатат – дептир.

* * *

Тамак ичип жатканда беш жашар кыз апасына бир нерсе айтмакчы болгондо апасы аны тыйып коет:
- Тамак ичип жатканда сүйлөбө.
Тамак ичип бүткөн соң, апасы кызына кайрылат:
- Бая эмнени айтайын дедиң эле – деп сурайт.
- Ысык үтүктү атамдын көйнөгүнүн үстүнө койгон боюнча унутуп калганыңызды айтайын дегем – дептир анда кызы.

* * *

Улан жаңыдан биринчи класска барып жүргөндө шоктугунан эжекеси күнүгө бурчка тургузуп коет. Ал үйгө келгенде апасы сурап калды:

- Улан, сабакта шоктук кылбай жакшы отурдуңбу?

- Жок апа, кантип шоктук кылат элем, дайыма эле бурчта турсам – деп наароазы болуп жооп бериптир.

* * *

Апасы Асандан сурайт:

- Сени врач текшердиби?

- Ооба.

- Эмне деп айтты?

- Ал мага ар кандай «оникерс», «Баунти» деген витаминдерди жегин – деди.

* * *

Кичинекей баладан сурашат:

- Сен канчадасың?

- Жакында сегизге чыгам, азырынча үйтөмүн.

* * *

Кичинекей Айбек тайдан жыгылып, тура албай жатса, аны көргөн достору боорлору эзилгенче каткырып күлүшөт.

Анда Айбек:

- Эй, чунактар, эмнеге күлөсүңөр, мен ансыз деле тайдан түшкөнү жаткамын – дептир.

* * *

Көчөдө ойноп жаткан балдардын жанына келип карыя сурап калат:

- Кана балдар, кимиңер чоңсуңар, тиги Керез аваңарды чакырып келе койгулачы?

-Алмаз чоң, ошол барсын дейт Ырыскелди.

- Көп конфет берсекчи?

- Анда мен чоңмун – дептир Ырыскелди.

* * *

- Чоң ата, эмне эле дайыма арак ичесиз?

- Неберем, арак ичпесем, эмне ичишим керек?

- «Фанта», «Пепси».

- Мендей куракта көнгөн адатты калтыруу кыйын болот небе-

рем.

* * *

Ящиктин бош калганын көрүп:

- Алманын сазайын берген экенсиңер ээ - балдарым – дейт атасы.

- Эч кимибиз аны сабаган жокпуз, түгөтө жеп койдук ата – дептир улуусу.

* * *

Үйгө кирип тууганы, куурчактары менен ойноп отурган Айзирекке:

- Экөө тең жок белем?... Садага болоюн, кечинде келинимди отко кийирем, кечикпей келишсин дегенди унутпай айта аласыңбы? – дейт.

- Айталам.

Атасы келгенде Айзирек:

- Ата, тигичи, тиги Кадыр акем келди.

- И эмнеге келиптир?

- Кечинде апам экөөң келишсин, келинимди отко бышырам – дейт дегенде боорлору эзилгенче күлүшүптүр ата-энеси.

* * *

Бир бала таанышыныкына мейманга келет. Эшиктин оозунан аны чоң ит талап калат.

- Кире бер – дейт үй ээси балага.

- Ит каап албайбы – деп сураса бала:

- Ошондойу биз үчүн да белгисиз. Ал бизде биринчи күн жашап жатат – депти үй ээси.

* * *

Чоң энеси небересин уктатып жатат:

- Укта! Азыр уктабасаң жез кемпирди чакырам.

- Ал бизди үйүнө алып кетеби?

- Ооба, алып кетет.

- Мешине салып өрттөйбү?

- Ооба, өрттөйт.

- Сиз батпайсыз… сизди муздаткычына салат.

* * *

Бир аял кошунасынын баласынан сурайт:

- Э Самат, энең кайда кеткен?

- Беш эле мүнөттө келем деп Бейшегүл эжемдердикине кеткен.

- Кеткенине канча убакыт болду?

- Бир жарым сааттай болуп калды – дептир Самат.

* * *

Бир бала байланыш бөлүмүнүн ичинде колуна учу түйүлгөн бет аарчыны кармап турду. Анын узак турганынан улам байланыш бөлүмүндө иштеген аял бир демени унутуп калган жок бекен дегенсип сурап калды:

- Уулум, сага эмне керек эле?

- Апам бул жерге кат таштаганы жибергенди унутпагын деп мынабу бет аарчынын учун түйүп берди эле – дейт бала.

Аял дагы кызыгып сурайт:

- Анан унуткан жоксуңбу?

- Жок, мен унуткан жокмун. Бирок апам гана катты берип жиберүүнү унутуп калыптыр – деди бала.

* * *

- Данил укта, эртең сабактан кечигесин, уйкуң келбей атабы?

- Ата көзүм уктап атат, Өзүм эми уктайм.

* * *

Алыскы айылдан шаарга келген чоң атасынан небереси сураптыр.

- Чоң ата, театр жактыбы?

- Жакпай анан. Оюн бүтүп, кийимдерди тарката баштаганы айрыкча жакты. Мен өзүмө үч чапан алып чыкпадымбы.

* * *

- Дамир аке, алмада «А» витамини бар ээ?

- Анда сабизде «С» витамини болобу?

- Болдучу, Кызбурак, китеп окуп алайын, жолтоо болбо. Антпесең азыр сага «ш» витаминин берип коем – деп шапалагын көрсөтөт.

* * *

- Ата, бул кичине балатыны эмнеге үйгө алып келдиңиз?
- Балам, жаңы жылга ёлка жасабайлыбы?
- Жо-ок, бул байкушту ордуна алып барып коюңуз. Дарак бир жерден көгрөт дебедиңиз беле?

* * *

Туристтер эски талкаланган чептерди, тарыхый эстеликтерди, сынган идиш-аяктарды карап, кыдырып жүрүшөт. Ушулардын бардыгын кичине бала атасынан сурайт:

- Ата, менин апам машина айдаганды үйрөнгөн жер ушулбу?

* * *

Көчөдө ыйлап турган баланы көргөн киши анын жанына келип:

- Балам, эмне үчүн ыйлап жатасың?
- Итим качып кетти.
- Коркпой эле кой, ал үйүңө эле барат. Андан көрө жүр, үйүңө алып барайын. Каякта жашайсың?
- Каякта жашаганымы итим эле билчү эле…

* * *

Чоң энеси Элмырзага пул берет. Аны апасы сурап алып коёт. Бир күнү Элмырза апасынан пулду көшөрүп сура палат. Анан ал пулду карап алып, ыйлап атат экен.

- Ой, эмнеге ыйлап атасың? – дейт апасы.

Элмырза:

- Менин пулумдагы кишинин муруту бар болчу –дейт экен.

* * *

Эки байдын кичине балдары урушуп жатышат:

- Менин апамдын акчасы сенин атаңдыкынан көп десе, бириси:
- Менин атам сенин атаңа толтура акча бербедиби?
- Эр болсо сенин атаң эми ал акчаларды атаман алып көрсүн!

* * *

- Ата, кайсы поезд кечигип келээрин билесизби?

- Кайсы поезд балам?
- Сиз мага былтыр сатып берем деген.

* * *

Кичинекей Элмир:
- Чоң атак айда барасыз?
- Дүкөнгө.
- Мен да барайынчы?
- Макул – деп чоң атасы Эмирди ээрчитип дүкөнгө барат да, азык-түлүк сатып алат. Чоң ата сатып алгандарын чоң баштыкка салып, батпай калган эки нанды экинчи колуна карма палат. Орто жолго жеткенде небереси:
- Чоң ата, чарчап кеттим. Мени көтөрүп алыңызчы – дейт.
Ай балам, сени кайсы колума көтөрөм. Оң колумда баштык, сол колумда нан бар.
- Мен сизге жардам берем. Бир колуңузга мени көтөрүп алыңыз. А мен болсо нанды көтөрүп алам – дептир.

* * *

Чоң эне менен небере зоопаркка барышты. Пил турган тордун алдында чоң энеси айтат:
- Беки, эмне үчүн пилге нан бербей жатасың?
- Эки жагы тең куйрук экен, кантип беришти билбей атам – дептир небереси.

* * *

Зоопаркта ата, бала арстанды көрүп турушса, баласы:
- Ата, кокустан тордон арстан чыгып келип, сени жеп койсо, менн үйгө кайсыл автобус менен кетем…

* * *

Уулу энесине роза букетин алып келди:
- Муну кайдан алдың? – деп сурады энеси.
- Медер байкемикинен.
Медер байкең алганыңды билеби?
- Албетте билет. Билмек турсун, ал мени кыйла жерге чейин кубалап келбедиби.

* * *

Небереси чоң энесинен сурады:

- Чоң эне, сиз улуусузбу же атам улуубу?

- Мен улуумун, кичинекейим. Сенин атаң менин уулум эмеспи.

- Жок, атам улуу – деп талашты кичинекей кыз – анын сакалы бар, ал эми сеники жок да.

* * *

Уулу атасына:

- Ата, мага барабан сатып берчи?

- Сен барабансыз эле мага уйку бербейсиң. Эгер барабан сатып берсем эмне болоорун озүң ойлоп көрчү?! – деп жооп берди атасы.

- Мен сен уктагандан кийин гана барабан кагам – деди уулу.

* * *

Вовочка классташтарына айтат:

- Келгиле, зоопарк ойнойбуз!

- Кантип?

- Жөнөкөй эле. Мен маймыл болом, ал эми силер мага үйүңөрдөн банан алып келип берип турасыңар.

* * *

- Апаке, бүгүн мектепте бизди жазганга үйрөттү – деп сүйүнөт кызы.

- Ии, анан эмне деп жаздыңар?

- Билбейм, окуганга үйрөтө элек.

* * *

- Апа билесизби, автобуста бир эжеке бутумду басып алды, ал үчүн мага конфет берди.

- Ал үчүн сен ыраазычылык билдирдиңби?

- Жок, мен анын экинчи бутун басып алдым.

* * *

Вовочка, короодо ойноп жаткан.

- Эмнеге мынчалык кир болдуң деп сурады апасы:

- Апа, эсимде жок, бирок топ менен болгонумду билемин.

* * *

- Чоң ата, жамандыкка жакшылык менен жооп бер дейт экен, ушул чынбы?

- Неберем, бул чын.

- Анда мага балмуздакка акча бериңиз, сиздин көз айнегиңизди сындырып койдум.